


16 Президенттик мектептин ийгиликтери



14 Органдарын мураска калтырса болобу?


# САРЕСЕП

31-март, 2016-жыл
№12 (45)
saresep.kg
Калыс көз караш!


# Өзүн актабаган Кыргыз-Орус фонду



4-бетте



Жергиликтүү шайлоонун оош-кыйыштары

5-бетте



Троллейбуска да, маршруткага да жан керек

6-бетте



Кытай: II Апийим согушунан кийин...

10-бетте



# Standard & Poor's Кыргызстандын экономикалык рейтингин бекемдеди

Standard & Poor's (S&P) рейтинг агенттиги Кыргызстандын B/B даражасындагы рейтингин бекемдеди. Бул эмитент (өкмөт) төлөөгө жөндөмдүү, бирок жагымсыз экономикалык шарттар анын мүмкүнчүлүктөрүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн дегенди билдирет. Бул жөнүндө агенттиктин сайтында маалымдалды.

Агенттиктин иликтөөсү боюнча Кыргызстандын экономикасы мигранттар жөнөткөн акчага жана Орусия менен болгон соода карым-катнаштан көз каранды. Бюджеттик таңкыстык 2016–2017-жылдары ИДӨнүн көлөмүнөн 4,5 пайызга чейин өсүшү мүмкүн.

Өлкөнүн каржы министрлигинин маалыматына караганда, Кыргызстандын 2016-жылдын башындагы жалпы мамлекеттик карызы 3,695 миллиард долларды түзүп, ал бир жылда 1,3 пайызга өскөн.




Буга чейин Moody's агенттиги Кыргызстандын өкмөтүнө "B2" даражасындагы рейтингди ыйгарган болчу. Бул "туруктуу" божомол дегенди билдирет.

# Кыргызстан курамасы утту

Тажикстан менен Кыргызстандын футбол боюнча беттеши 0:1 эсебинде кыргыз футболчуларынын пайдасына аяктады. Кыргызстанга таандык жалгыз голду 18-мүнөттө чабуулчу Виталий Люкс киргизди.

Бул беттеш 2018-жылдагы дүйнө чемпиондугуна тандап алуу беттештеринин экинчи баскычынын акыркы туру болуп саналат.

Тажикстан курамасын уткан Кыргыз футболчулары 14 упай менен В тайпасында үчүнчү орунду ээледи. Экинчи баскычтагы тандоо оюндарында Кыргызстан үчүнчү оруну менен дүйнө чемпиондугунун үчүнчү баскычында ойной алышпайт. Бирок, 2019-жылы боло турган Азия кубогунун үчүнчү баскычтагы тандоо оюндарына чыгууга мүмкүндүк алынды.



Тайпалык тандап алуу оюндарында Кыргызстандын негизги атаандаштары болгон Австралия менен Иорданиянын футболчулары Австралиянын Сидней шаарында беттешип 5:1 эсебинде талаа кожоюндары жеңишке жетти. Ошентип 8 оюндан кийин Австралия 21 упай топтоп көч башын жетектеди. Иорданияда 16 упай бар.

# Ошто добуш сатып алууга шектелген 9 адам сурак берүүдө

Бул тууралуу Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын пресс кызматынын башчысы Замир Сыдыков билдирди. Анын айтуусунда, 29-март күнү кечке жуук добуш сатып алууга шектүү жарандар кармалган.

Азырынча аларга кылмыш иши козголо элек. Сурак жана текшерүүлөрдө топтолгон материалдар прокуратурага жиберилмекчи. Сыдыковдун ырасташынча, ага укуктук бааны прокуратура жана шайлоо комиссиясы берет.

Шайлоонун жүрүшүндө азыр жеңишке жетти делип жаткан партиялардын баары акча таратканы айтылууда. Бейрасмий маалыматтарга караганда, Ош шаардык кеңешинин шайлоосунда бир добуштун баасы 1500 сомго чыккан.

27-мартта Ош шаардык кеңештин шайлоосу өттү. Ага 13 партия ат салышып, алдын-ала жыйынтыктар боюнча 6 партия босого чектен ашты. Биринчи орунду КСДП 30,6% добуш менен камсыздады. "Кыргызстан" партиясы 15,7% менен экинчи, «Мекеним Кыргызстан» 11,8% менен үчүнчү орунга жетишти.



Ал эми «Республика – Ата-Журт» 9,7% добуш топтосо, "Бир Бол" 8,5% жана "Өнүгүү-Прогресс" 8%га ээ болду.

# 44 жеңүүчү «Себаттан»

Эл аралык "Себат" билим берүү мекемесинин окуучулары мектеп окуучуларынын арасындагы республикалык олимпиададан 44 алдыңкы орундарга ээ болушту. 2016-жылдын 24-мартынан 26-мартына чейин Бишкек шаарында мектеп окуучуларынын арасында республикалык олимпиада болуп өттү.

Республикалык олимпиада 4 этаптан турат: райондук, шаардык, областтык жана республикалык. Бул жылы республикалык олимпиадага Кыргызстан боюнча 323 окуучу катышты. Төрт турдун жыйынтыгы боюнча 10 предметтен 105 жеңүүчү аныкталган.

Республикалык олимпиаданын жыйынтыгы боюнча Эл аралык "Себат" билим берүү мекемесинин окуучулары 44 алдыңкы орундарга ээ болушту: алардын ичинен 14 окуучу 1-орун, 13 окуучу 2-орун, 17 окуучу 3-орунга ээ болушту.



Олимпиаданын максаты балдарды билимге тартуу, өнүктүрүү жана илимий иштерге кызыктыруу, өлкөбүздүн жаңы өсүп келе жаткан муунунун интеллектуалдык деңгээлин өстүрүү жана аларды так илимдер боюнча (химия, физика, математика, биология жана информатика) эл аралык олимпиадаларга даярдоо.



# Президенттик шайлоодо ким жеңет?

Жергиликтүү шайлоолордо колдонулган усулдарга жана элдин эмне үчүн добуш бергенине карап, келерки президенттик шайлоолордо ким жеңерин божомолдосо болот

27-мартта өткөн шайлоолор эски ыкмалардын кайра иштеп баштаганы менен таң калтырды. Андан да таң калычтуусу партиялардын мунун алдын-ала билгендиги болду.

Жергиликтүү кеңешке талапкер болгон партиялардын басымдуу бөлүгү эч кандай үгүт иштерин жүргүзгөн жок. Алдын-ала жарнамалоо үчүн гезит, плакат жана билборддорго каражат аз жумшалды. Буга чейинки шайлоолордогудай алдын-ала той-торопо уюштуруп, аш бермейлер да аз болду. Баштык-баштык азык-түлүктөрдү таратуу да дээрлик кездешкен жок. Өнөктөш өлкөлөрдө иштеген балдарынан келген акча-тыйындын агымы соолуй түшкөн калк уят-сыйытты жыйыштырып туруп, добушун акчага сатты. Бул шайлоолордо бир добуш 200 сомдон 1500 сомго чейин сатылды деген маалыматтар бар. Демек, кызылдай акча – келерки президенттик шайлоодо башкы ролду ойнойт.

Былтыр декабрда Жогорку Кеңеште «Акыйкатчыны» шайлоодо колдонулган ыкма бийликке жакын топторго натыйжалуу иштеп берди. Маалыматтар боюнча, мамлекеттик бюджеттен маяна алгандар шайлоо комиссиясында отурган атайын жоопкерлерге кайсыл партияга добуш бергенин көргөзүп өтүүгө мажбурланган. Бул жерде эч кандай мыйзам да бузулбайт дешүүдө. Шайлоочу өзү каалаган партиянын тушуна белги койгон соң, аны кааласа ошол жердеги элдин баарына көрсөтүп чыкса болот экен. Мындай мажбурлоодон кызматкеринин шаабайы суп калбашы үчүн мамлекеттик кызматта иштеген шайлоочуну атайын унаа менен шайлоо аймагына жеткирип коюу сервиси жакшы иштептир. Демек келерки шайлоодо жакшы иштеп берчү экинчи ыкма – административдик ресурс.

Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин мураскор дайындабайм дегени бийликтеги топтордун бөлүнүп-жарылуусун күчөттү. Мурунку доор калыптандырып кеткен «баарын акча жана түз же тымызын колдонулган күч чечет» деген айбандык мүнөз артыкчылык кылууда.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова


**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 733**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Чыккынчыны катаал жаза күтөт

**Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы бийликти басып алуу далалаты үчүн көчө оппозициясын четинен камай баштады. Айрыкча, коомдук биринчи канал даярдаган материалдын негизинде калайык оппозициянын бир мүчөсү Эрнест Карыбековду Өзбек тарап менен иштешкен чыккынчы деп таануга өттү. Ушундан улам биз УКМКнын** төрагасынын мурдагы орун басары Артур Медетбековго **"Эгер аталган адамдар чындап эле агент же чыккынчы болуп чыкса, аларды кандай жаза күтөт?" деген суроо менен кайрылдык.**



– Биринчиден, чыгып жаткан видеолор, үн жазуулар биздин жарандарды таң калтырбай деле калды. Себеби, 2006-жылы да Атамбаев, Бекназаров жана башка азыркы бийликте отурган адамдар оппозиция болуп турган. Ошондо да алардын бийликти басып алабыз деген сүйлөшүүлөрү коомчулукка жарыяланып кеткен. Бирок, ал жерде кылмыштын курамы жок деп, суракка алынып келинип, кайра коё берилген. Кийин акыры максатына жетишкенин баарыбыз билебиз. Ал эми негизги фигурант болуп жаткан Эрнест Карыбеков, коңшу мамлекеттин атайын кызматкерлери менен иштешип, таасир этүүчү агент катары жанагыдай макалаларды жазууга чейин барса, ошондой эле бийлик үчүн ушул жолдорго кадам таштаса, бул өтө ыплас, эң төмөнкү даражадагы адам экенин көрсөтөт. Эми бул ишти тиешелүү органдар дыкат изилдеп, акыйкатты ачып бериши керек.

Албетте, биз демократиялуу, мыйзамдуу мамлекетте жашап жаткандыктан баары ошого жараша болушу керек. Эгер чыккынчылык далилденсе жакшы. Бирок, жалган маалыматтар жарыяланса, анда ызы-чуу болот. Анткени сотко барганда ар бир тарап өз чындыгын алып чыгып, баары ыдырай баштайт. Мурунку НКВД сыяктуу жолду колдонбошубуз керек. Элдин пикирин бузуп, ар кайсыл маалыматты таратуудан мурун, алгач далилдеп, анан баштаган ишин аягына чыгаруусу зарыл. Чыккынчылык деген өтө оор кылмыш. Андыктан, оор жаза алышат. Себеби, өз мекениндин сырларын башка мамлекетке айтып, аларга кызмат кылуу эмне экенин билесиздер.

Негизи эле азыркы чакырылыштагы парламент чөнтөк парламентке айланып баратат. Ар тармактагы кризис, саясий абалдын баары оппозициянын көтөрүлүшүнө алып келүүдө. Оппозициялык топтор, кыймылдар да абдан көбөйдү. Азыр бийликте отургандар да убагында ушундай эле оппозиция болгонун унутпаса. Бизге сөзсүз түрдө оппозиция керек. Бирок өзүн эмес, мамлекетти ойлогон конструктивдүү оппозиция болгону оң.

# Биз жоопкерчилик алышыбыз керек

**Борбор калаада «Мага баары бир эмес!» аттуу форум өттү. Форумда жарандар жана парламентаризм, жаңы жагдайдагы бизнес жана Кыргызстандагы эскерүү саясаты темалары боюнча талкуу болду.**

Биз ЖИА бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбекке **"форумдун максаты жана ал экономикалык практикага кандай таасир берет" деген суроо менен кайрылдык.**



– Форумдун максаты өлкөнүн өнүгүүсү, өсүүсү ар бир жарандын иш-аракетине көз каранды деген түшүнүктү жайылтуу болчу. Кыргызстанда иштеп, ийгиликтерге жетип жүргөн, элдин түйшүгүн бир учунан кармап жаткан жарандардына баа берип, башкаларды суктандыруу эле. "Биз кандай өзгөчөлүктөргө, көз караштарга ээ болбойлу, бириксек чогуу иш алып бара алабыз" деген түшүнүктү жеткирүү керек эле. Биз ошого жеттик деп ойлойбуз. Форумга ар кайсы региондордон ар кандай кесиптин ээлери, жарандык активисттер, мамлекеттик кызматкерлерге чейин келип, өлкөнүн абалы менен келечегин, перспективасын талкуулады. Биз бири-бирибизди таанбай туруп пикир алмаштык. Ошондо гана өлкөнүн келечеги ар бирибизден көз каранды экенин түшүндүк.

Биз жалаң гана өкмөттөн же башкалардан "бизге кызмат кылсын, өнүктүрсүн, көйгөйлөрүбүздү чечсин" деп күтүүгө көнүп алганбыз. Бирок ошол эле убакта өзүбүз укугубузду билип, милдеттерибизди аткарып, жоопкерчилик алгыбыз келбейт. Экономикалык өнүгүү өзүбүздүн турмушубуз, келечегибиз үчүн жоопкерчилик алуудан башталат. Биздин жарандар менен мекендештерибиздин арасында, өкмөт менен жарандардын жана бизнестин ортосунда ишеним жок. Ошол ишенимди калыбына келтирүүгө, жарандардын ортосунда ишенимди жандандырууга багытталган иш-чара болду. Форумда ишкерлер "өлкөбүздүн келечеги, коопсуздугу үчүн салык төлөп, жоопкерчилик алышыбыз керек. Жарандар иш орундары менен камсыздалышы керек. Мамлекет дагы бизге көп кийлигишпегени оң" деген сөздөрдү айтышты. Азыр биз аймак-аймак, айыл-айыл, партия-партия болуп бөлүнөбүз. Бул биздин өнүгүүбүзгө чоң тоскоолдук жаратат.

# Форумдун "чыныгы атуулдары"

**Бишкекте 29-март күнү жарандык активисттер, укук коргоочулар жана саясатчылар катышкан "Мага баары бир эмес!" деген аталыштагы экинчи форум болуп өттү. Айтылуу форумдун максаты жана практикалык пайдасы тууралуу укук коргоочу Рита Карасартова төмөнкүлөрдү билдирди:**



– Бул форум биринчи жолу былтыр жай айында өткөрүлгөн. Конституцияны, мыйзамдарды тебелеген долбоор даярдалып, аны референдумдан өткөрөбүз деп коалиция фракцияларынын лидерлери чыгышкан. Ошондо конституция боюнча өтө кооптуу абал туулган. Натыйжада, 2010-жылы татаал учурда кабыл алынган конституцияны тебелетпөө үчүн " Конституция менин тумарым" аттуу форум уюштуруп, коомдук сүйлөшүү өткөргөнбүз. Ошол жерден жарандык коомдун эң маанилүү маселелерин дагы сүйлөшкөнбүз. Кийин конституцияны өзгөртүүдөн баш тартылганда: "көрсө жарандык коомдун күчү жакшы турбайбы" деп калдык. Экинчиден, "атуул деген эмне? Биз Кыргызстандын жараны болсок атуул боло беребизби, же кандайдыр бир аракет кылыш керекпи?" деген жагын дагы кеңири талкулоо максатында "Кыргыз Республикасынын атуулу" конкурстарын жүргүзөбүз. Быйыл форумга былтыркы жылы биз сыйлык берген үч кишини чакырдык. Алардын жасаган ишин уккан кишинин жүрөгүн чындап эле толкутат. Алсак, Гүлмира эже мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар менен иштешет. Ал эми Муса байке өзүнүн каражатына көчөдө калган селсаяктар менен иш алып барат. Аларды туура жашоого багыттап жүрүп, бир жыл ичинде 8 селсаякка ичкиликти таштатып, үйлөп-жайлап, туура жолго салганга жетишти. Бектур Искендер аттуу мырза бар. Ал быйыл катышканга мүмкүнчүлүгү болгон жок. Себеби Кыргызстанды бүткүл дүйнөгө таанымал ТЕД форумунда таанытып, катышып жүргөн кези экен. Ал эми быйылкы конкурста бизнес чөйрөсүнөн Элдар аттуу бала утту. Ал бала-бакча, мектеп жана студенттердин жатаканаларын салуу демилгелерин көрсөтүп чыккан. "Google", "Transletor"го кыргыз тилин киргизген Чоробек Сааданбек жана мыйзамдарды коргоп чыгам деп жумуштан ажырап калган Клара Сооронкулова "Кыргыз Республикасынын атуулу" деген номинация алышты. Ушундан улам атуулдук деген өзүнүн баскан турганы, кылган аракети менен чөйрөсүн жана коомду өзгөрүүгө чакырарына ишендик.

# Маданият театр, балет эле эмес, бул ыйман, адеп-ахлак

**"Ыйман" фондунун демилгеси менен "Тарых жана маданият" жылына карата "Бир кадрдагы өмүр" социалдык роликтеринин жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи болуп өттү. Ушундан улам аталган иш-чара боюнча "Ыйман" фондунун жетекчиси Нуржигит Кадырбеков төмөнкүлөргө токтолду:**



– Ыйманды бир гана дин жана молдолор менен көтөрүү деген туура эмес. Негизи ыйманга баардык адам кызмат кылса болот. Ошол эле калем, камера, микрофон жана башка көп нерселер менен ыйманга чакырууга мүмкүн. Азыркы учурда сыналгыларда эмнени гана көргөзбөйт. Анын ичинде дилди карарта турган, ыйманды буза турган, пикирди буза турган берүүлөр дагы көп. Мисалы, мен кызымды сыналгы менен жалгыз таштап кетким келбейт. Ошондуктан ал көрө турган каналдарды орнотуп койгом. Эмне үчүн мындайга келдик? Эгер адамдардын ыйманга карата мамилеси ушундай болсо башка эмне кылабыз? Мисалы, азыр Батыш маданияты деп айтып жатышат. Бирок ал адамды буза турган болсо, мен аны эч качан маданият деп айтпайт болчумун. Азыр батыштын белгилүү бир жашоо образын тууралп, аны колдонгондор көбөйүп баратпайбы. Аларга кандай кылышыбыз керек? Негизи маданият бир гана театр, опера, балет эле эмес, бул ыйман адеп-ахлак. "Эгер ыйманыбызды жоготсок эле балекет басканы турат" деп президентибиздин айтканы бар эмеспи. Ошондон улам камера менен тасма тартуу аркылуу адамдардын ыйманына кичине болсо да салым кошолу деп ушул конкурсту уюштурганбыз. Уюштурарда катышуучулардан кадрларда зордук-зомбулук, бузукулукка чакыруу эмес, ыйманга, жакшылыкка чакырылсын деп суранган элек, буюрса, баары жакшы катышып беришти. Азыркы жашоону чагылдырып бергени үчүн Нурбек Ашыралы уулунун "Виртуалдык жашоо" ролиги 1-орунду багындырып 30 000 сом менен сыйланды. 2-3-орундарга да акчалай сыйлыктар берилди.

# Өзүн актабаган Кыргыз-Орус фонду

Чоңураак базарга чыгып, соодасын көбөйткүсү келген чакан же орто ишкана айлантып жаткан каражатынын кандайдыр бир бөлүгүн сууруп чыга албайт. Себеби жабдыктарга же материалдык эмес активдерге жумшалган каражат эң эрте дегенде 5-10 жылда гана өзүн актай баштайт



## Фонд эмес банк болуусу керек

Өкүнүчтүүсү учурда Кыргыз–Орус фонду (КОФ) бир жарым жыл ичинде өз ордун таба алган жок. Ал инвестициялык фонд да, өнүктүрүү банкы да боло алган жок. Кыргызстанда банктардын эки түрү гана бар. Салттуу коммерциялык же өнүктүрүү банкы. Бул экөөнүн өз–өзүнчө иштөө аймагы да бар. Бирок кыргыз экономикасын жандантуу үчүн түзүлгөн КОФ ушул эки аймактын ортосуна жайгашканга аракеттенди. Ал чындап келгенде убактысы чектелбеген жана акысыз капиталга ээ болуп алып коммерциялык жана өнүктүрүү банктары менен атаандашкысы келди. Бирок алар КОФтон айырмаланып, акчаны капиталга инвестиция кылбай, насыя беришет. Мисалы биздин экономиканы колдоп аткан Европалык өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкы (ЕӨРБ) менен Эл аралык каржылоо корпорациясы (ЭКК) насыя берет. Мөөнөтү чектелбеген каражаты бар КОФ да акчаны ишканаларга берүүнүн ордуна каражатын насыяга берүүдө. Учурда биздин жеке ишканаларга да, өлкөнүн инфраструктуралык долбоорлоруна да насыясыз колдоо керек. Анткени биздин бардык инфраструктуралык долбоорлор сырттан алынган карыздар менен аткарылууда. Ал Ички дүң өндүрүмдүн (ИДӨ) 60%на жетти.

## Капиталга инвестицияны ким сунуштайт?

Кыргызстанда институционалдык инвесторлордун жоктугу эң олуттуу көйгөй. Кандайдыр бир компаниянын жакшы иштеп кетүүсү үчүн капиталына инвестиция кылгандар болуусу шарт. Анткени алар жер, жабдык, имарат салуу сыяктуу иштин орчундуу тарабын каржылайт. Насыянын капиталга салыштырмалуу эки начар тарабы бар. Биринчиси, алынган каражаттын пайызын төлөө, б.а. компания кандай иштегенине карабай, насыянын пайызы төлөнүп турушу керек. Экинчиси, кандай насыя болбосун мөөнөт менен чектелет. Бизде калыптанып калган адатка жараша коммерциялык банктардын насыя берүү мөөнөтү орто эсеп менен 3 жыл. Өнүктүрүү банктары 5 жылдын тегерегинде мөөнөт берет. КОФ банкка айланып, насыяларды 5 же 6 жылга берип баштаса да, муну жетишерлик узак мөөнөткө берди деп айта албайбыз. Биздин чакан бизнес орто бизнеске, орто ишканалар ири ишканаларга айланып кетүүсү үчүн 5 жылды бул жакка кой, керек болсо 10–15 жылдык мөөнөткө берилген насыялар жетишсиз болушу мүмкүн. Жалпак тил менен айтканда «узун мөөнөттүү акча» болуп бере албайт.

## 3 миллион долларлык кредитти ким сиңирет?

Кандайдыр бир ишканага 3 млн. долларлык насыя берүү үчүн ал компаниянын айланып жаткан каражаты 10 млн. доллардан кем болбошу керек. Кыргызстанда мындай 20–30 компания болушу мүмкүн. Тоо–кен өндүрүшүн алып салганда ИДӨгө салым кошкон ишканаларды карасак, алардын 60–70%ы чакан жана орто ишканалар экенин көрөбүз. ЖИАнын изилдөөсү боюнча, биздин ассоциацияга кирген орто ишкана катуу кетсе 1 млн. долларды сиңире алат. Чындап келгенде мындай ишканага 500 000 доллар жетиштүү. Башкача айтканда Кыргыз–Орус фонду 1 млн. доллардан сиңире алган 500 компания табышы керек. 500 ишкана табуу үчүн ар бир орунга 30 талапкер кароосу зарыл. Демек 20–30 кишилик штаты бар КОФ 15 000 ишкананы карап чыгууга милдеттүү. Бирок аларга муну кылуу мүмкүн эмес.

Фонддун стратегиясы башынан туура эмес түзүлгөн. Өкүнүчтүүсү азыркыга чейин ошол бойдон калууда. Фонд инвестиция кылуу босогосун бир компанияга 1 млн. долларга чейин түшүрсө, ар бир компаниянын ишин жеке карап чыгуу үчүн 200 кызматкер жалдоого мажбур. Же болбосо фонддордон турган фондго айланышы керек.

## Жан далбастоо ПИАРы

Өз ишмердүүлүгүндү алынган натыйжа менен көргөзөсүң. Өкүнүчтүүсү бир жарым жылда КОФ натыйжа бере алган жок. Президент жана Өкмөт тарабынан кайра–кайра сынга алынган фонддогулар коомчулукка иш болуп жатканын көргөзүү үчүн ПИАРга каражат жумшоону чечишкен. Менимче бул иштин туура эмес түшүнүүдөн келип чыкты. Анткени инвестициялык фонддордун ишин өлчөгөн бир гана тараза бар. Ал натыйжа. Канча каражат жумшалганы, канча киреше табылганы, канча иш оруңдары ачылганы жана өлкөнүн ИДӨсүнө канча салым кошкондугу тууралуу маалымат жок болсо, кылынган иш жок дегендик. Түрмөктөлгөн видеороликтерди тартып, карапайым элге «кандай сонун ишкана» дедиртишиңиз мүмкүн, бирок билген адамга баары айдан–ачык болуп жатпайбы. Ушундан улам учурда тетири, минуска кеткен натыйжа бар деп гана айта алабыз.

## Капиталга инвестициябы же арзан насыябы?

Биринчиден, кандай болбосун насыянын оор шарты бар, ал сөзсүз күрөө талап кылат. Ошондуктан компаниялардын көбү насыя ала алышпайт. Анткени күрөөгө койгудай кыймылсыз мүлкү жок. Экинчиси, насыяга алынган акча–каражаттын мөөнөтү чектелүү. Тагыраак айтканда, ишкана бүгүн насыя алса, эң кеч дегенде алты айдан кийин аны төлөп баштоосу керек. Эгер чакан же орто ишкана ирирээк базарга чыгып, өндүрүм сатууну көбөйткүсү келсе, бир убак келгенде айлантып жаткан каражатынын кандайдыр бир бөлүгүн сууруп чыгуу ал үчүн мүмкүн болбой баштайт. Анткени жабдыктарга же материалдык эмес активдерге жумшалган каражат эң эрте дегенде 5–10 жылдан кийин гана өзүн актоого өтөт.

## Насыя төлөгөндөн көрө бөлүшүү жакшыраак

Инвестор капиталга салым кошкон кезден баштап инвестор менен реципиенттин кызыкчылыктары теңелет. Таза киреше же сатыктан түшкөн каражат көбөйгөндө, же болбосо компаниянын базардагы салмагы оорлошкондо гана инвестор да киреше таба баштайт. Киреше табуунун мындан башка жолу жок. Компания банкир менен алака түзгөндө, ишкана пайыздарды төлөп, негизги карызды азайтса болду. Калганы менен банкирдин иши да жок. Мындан сырткары, банкта күрөөгө коюлган мүлк жатат. Кардар карызын бере албай калса, ал күрөөнү сатып, каражатын толуктап алышы мүмкүн. Инвестордо мындай күрөө болбойт.

## Капиталга инвестиция жумшоонун кооптуу жактары

Инвестицияга байланыштуу кооптуу жагдайлардын баары иш билгилик (компетенттность) менен акталат. Иш билгилик бир нече соода же өндүрүш иштерин турмушка ашырганда, чекең томуюп, жумшаган каражатыңды кайра кайтара албай калганда пайда болот. Кыргыз–Орус фондунда түз инвестицияларды тартуу, венчурдук же башка фонддордо иштөө тажрыйбасы бар адамдар жок. КОФто иштегендердин көбү банкирлер. Инвестор менен банкирдин ишинде асман менен жердей айырма бар. Балким инвестициялык долбоорлорду ишке ашырып, киреше тапкан тажрыйбалуу кесипкөйлөрдү ачык конкурс аркылуу тандап алышса туура болмок.

Мисалы Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинде Яндекс интернет издегич менен келишим түзүп, 15 млн. доллар жумшап, 1,5 млрд. доллар тапкан Baring Vostok Capital инвестициялык компаниясы бар.

УМБРИЭЛ ТЕМИРАЛИЕВ



### Экономикалык терминдер

**Инвестиция** – ишкерге киреше алуу максатында каражат берүү. Инв.да пайыз каралбайт, киреше берчү долбоорго каражат жумшалат.

**Капиталга инвестиция** – жабдуу алуу, өндүрүш аянтын кеңейтүү ж.б. иштерге каражат берүү.

**Институционалдык инвестор** – киреше табуу үчүн юридикалык жана жеке жактардын акча-каражаттары менен түрдүү долбоорлордун ортосунда ортомчулук кылган юридикалык жак.

**ПИАР (PR)** – ар кандай ЖМКлар аркылуу бир нерсеге коомдук көңүлдү буруу.

**Материалдык эмес активдер** – кандайдыр формасы болбогон, бирок киреше алып келүүчү нерселер (коммерциялык сырлар, ишкананын эн тамгасы, жамааттык аброй ж.б.у.с.).

**Реципиент** – инвестицияны кабыл алган жак.

**Венчурдук фонд** – ири киреше табуу максатында жаңы багыттагы бизнеске каражат жумшаган фонд. Мындай инвестициялын өзүн актабай калуу кооптуулугу жогорураак.

# Жергиликтүү шайлоо: демократиябы же авторитаризмби?

Жергиликтүү кеңешке депутат шайлоо өтүп, жыйынтыгы да чыкты. Бирок чыккан жыйынтык көпчүлүктү таң калтырган деле жок. Анткени кечээги өткөн парламенттик шайлоонун элеси, кудум бүгүн дагы кайталанып, ошондогу көрүнүш бүгүн дагы орун алгандай сезилди

## Элдин добушу сатылса да, ишеними сатылбайт

Баягыдай эле добуш сатып алуу, административдик ресурсту колдонуу, тааныш-тамыр, дос-туугандык схема салтка айланып бараткany ачык эле көрүнүп турса да, үн катып ачык айткан жан болгон жок.

Шайлоого көз салып, байкап турган кай бир көз карандысыз уюмдар одоно мыйзам бузуулар болбогонун айтып тим болуп атса, дагы кээ бирлери партиялар бергенин эл алганын койбоптур деген ойлорун айтты. Бирок мындай уюмдар кандай партиядан, кайсы аймакта, кимдин добушун канчага сатып алганын сөөмөй менен сайып көрсөтүүдөн тайсалдап турушат.

**Демократия жана жарандык коом коалициясынын жетекчиси Азамат Адилов** “көпчүлүк эл өз добуштарын акчалай сый-акыларга алмаштырууга даяр экендигин билдиришсе да, бул эч кандай ыкма менен элдин бийликке ишенимин бекемдебейт” дейт.

– Саясий партиялар жана талапкерлер шайлоочуларды сатып алуу практикасын улантып жатышканын коалиция өкүнүү менен аныктады. Эл добушун сатса эле бийлик элдин ишенимин кошо сатып алдык деп ойлобошу керек. Эл акчасын алат, ал эми ишенин ичте кала берет. Элдин ишенимин алыш үчүн саясий партиялар шаарлардын жана айылдардын конкретүү программаларын иштеп чыгып, элге сунушташы керек эле. Жаңы технологиялар экинчи жолу колдонулуп жатканына карабай, шайлоочулар биометирикалык каттоонун зарылдыгын жана анын мүмкүнчүлүктөрүнөн толук кабардар эмес экенин көрсөттү. Анын себеби да бар. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айыл аймактагы реалдуу көйгөйлөрдү жеткиликтүү чечет деген ишенимдин жоктугу, шайлоочулардын шайлоого катышууга карата көңүл коштугуна алып келет.




Ошто жаш активисттер шайлоо учурунда “Добушуңду сатпа” акциясын өткөрдү

## Демократиябы же тоталитаризмби?

Жогоруда айтылган жорумдар чындыкка жакын болуусу үчүн, биз атайын Токмокто өткөн шайлоого катышып, “биздин эл менен бийлик демократияга жакындадыбы, же алыстадыбы?” деген суроого жооп издедик.

Оболу кайсыл жагдайлар элдин эркин добуш берүүсүнө өбөлгө жаратты? Бул тарабынан алганда көзгө дароо эле техникалык жаңылыктар көрүнөт. Буга чейинки парламенттик шайлоодогудай эле эл добушун биометрикалык көргөзгүчтөр менен электрондук урналар аркылуу берди. Мисалы адам өзүнүн бармагын аппаратка койгондо, чоң монитордо анын жүзү көрүнөт. Буга партиялардын байкоочулары көз салып турушту. Бирок административдик ресурсту колдонгон партиялар бул жерде да артыкчылык алганга мүмкүндүгү бар. Себеби добуш берүүгө уруксат берчү талонду МККнын (ГРС) борбордук аппаратынан келген адам берип турган. Монитордо адамдын жүзү чыккаты менен анын дареги чыкпайт. Ушунун айынанбы, же башка себептерден уламбы айтор, саат 17:00дөрдө Токмок шаарынын үч участогунда бюлетень түгөндү деген кабар тараган.

Эми кайсыл жагдайларды демократиядан алыстоо катары караса болот? Бийликтеги партияга жан тарткандар мугалимдер менен мамлекеттик кызматкерлерге "туура" добуш беришпесе жумуштан айдаларын айтышкан дешет. Бул категорияга кирген адамдар шайлоо аймагында Жогорку Кеңеште акыйкатчыны шайлагандай, кимге добуш бергенин көргөзүүгө мажбурланган. Мындан сырткары, жеке менчик секторлдун эскирген "ноу-хаусун" пайдаланып, бийликчил топтор мамлекеттик кызматкерлерди үйүнөн ташышкан. Кээ бир байкоочулар бул аракеттерди да демократия жолундагы жетишкендик деп баамдашты. Себеби, бийликке жакындар мындай аракеттерге айласы жоктугунан улам барууга мажбур дешет.

Бийликке жакын партиялар жоопкерчилик аймактарын бөлүшүп алгандай. Бири жогорудагыдай административдик ресурсту колдонуп мамлекеттик кызматкерлерди мажбурласа, экинчиси жеке сектордо иштеген жарандардын добушун сатып алуу менен алек болгон. Токмокто бир добуш 500 сом, 1000 сомдун тегерегинде бааланууда деп жатышты.

## Президенттин эки анжы саясаты

Президентибиз Атамбаев демократияны бекем түптөөгө ниети күч. Анын айрым кадамдары дагы демократиянын принциптерине байланып турат. Бирок кечээки шайлоо өлкөбүз али демократиядан кыйла алыс экенин көрсөттү. Көздү оюп турган чындыкты көрсөтө албай турган мезгилде демократия жөнүндө сөз кылуунун кереги барбы?

**“Саресеп” гезитинин башкы редактору Эсен Өмүракунов** бул боюнча төмөндөгүдөй оюн билдирди.

– Атамбаев буга чейин Өзбекстан пайда кылган кризистеги суроого канааттандыраарлык жооп берди. Бирок ошол эле учурда 27-мартта өткөн жергиликтүү шайлоолордо бийликчил топтор эски методдорду пайдаланып добуш топтоого аракет кылышты. Бул демократиянын эрежелерине жатаары күмөн. Ушундан улам президенттин кеп кылган саясаты менен жүргүзүп аткан саясаты бири-бирине карама-каршы экени билинип калды.

Добушун саткан эл келечегин кошо сатат дешет. Ал элдин адилеттүүлүктү талап кылууга акысы жок дегендер да бар. Сыягы жарандар кечээги өткөн парламенттик шайлоодон сабак албаса керек. Бирок калктын азыркы абалы эртеңки келечегин ойлондурууга жол береби? Кантсе да талапкерлер бергенин койсо, бул салттар токтойт деген ишеним бар. Акча сүйлөп турган жерде акыйкат ыйлап турат деген ушул экен да...

Эскерте кетсек, жергиликтүү шайлоо өлкөнүн 20 аймагында өткөрүлүп, ага 26 партия ат салышкан. Шайлоого жарандардын 56 пайызы катышып, Ош шаары активдүүлүгүн көрсөттү. Борбордук шайлоо комитети акыркы чечимди 3 жуманын ичинде чыгарат. Бирок алдын-ала маалыматтарга караганда, КСДП жана “Кыргызстан” партияларынын алган добушу басымдуулук кылууда.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



## Укук коргоо органдары эмнеге унчукпайт


Интернеттен дагы ар бир кычыкта шайлоочулар менен үгүтчүлөрдүн ортосунда добуштар кадимкидей соодаланып жатканы тууралуу видеолор чыга баштады. Бирок ага маани берген адам жок, баары эле кайдыгер. Болбосо, добуш сатып алуу, же ошол максатта материалдык сый көрсөтүү, кызмат абалынан пайдаланып шайлоочуну мажбурлоо аракеттери үчүн талапкер, же саясий партия укуктук жактан жооп берүүгө тийиш. (КРнын мыйзам жаза кодекси 19-бап, 140-берене).

Жаңы чыккан Демократ партиясы дагы жергиликтүү шайлоолорго аттанган. Бирок партия аз пайыз менен артта калды. **Демократтын лидери Эсен Момункулов** мыйзам бузуулар укук коргоо органдары тиешелүү баа бербей жатканынан улам келип чыгууда деген оюн айтат.

– Мындай аракеттер улана берсе, мамлекетте өнүгүү болбойт. Эл өздөрүнүн жана балдарынын 4 жылдык келечегин 1000 сомго сатып жиберди. Мен азыр Ошто жүрөм. Айрым жерлерде газ, суу өчүп баштады. Эмнеге шайлоого 1 ай калганда сууну дагы, газды дагы аябай берип, эми шайлоо бүткөндө аяп баштады? Өкүнгөнүм добуш сатуу деген өнөкөткө айланып баратат. Укук коргоо органдары карап туруп жол бергени да кейитет. Мисалы көз көрүнө мыйзам бузуулар болду. Бирок укук коргоо органдары тарабынан эч кандай аракет болгон жок. Эгер алар өз баасын бергенде мындай көрүнүштөр болмок эмес. Канча адам арыз менен БШКга кайрылып атат, интернетте канчалаган видеолор жүрөт. Ошолордун баарына реакция кылып, чаралар көрүлсө эл дагы талапкер дагы сабак алмак да. Чара көрүлбөгөндүктөн мындай өнөкөт канча жылдан бери уланып келет. БШКнын сайтында бюллетендердин саны 55 миң деп жүрсө, шайлоого катышкандардын саны 70-75 миң деп жүрөт. Карасаңыз, ортодо 20 миңдей айрыма бар. Ушундан улам мен массалык маалымат каражаттарын, активдүү жарандарды, ар кандай уюмдарды көңүл кош карабоого чакырат элем.

# Суулулуук курмандык талап кылабы?

## Сулуулук үчүн аялзаты эмнеге гана барбайт. Жагымдуу көрүнүш үчүн өз жанын тобокелге салып, ар кандай жан алакетке түшүп жүрүп башка ооруларга кабылып, айласы кеткендер да эл ичинде жок эмес



Учурда толук кишини аз убакыттын ичинде эч кандай машыгуусуз, кыйынчылыксыз арыктатууга болот деп жүрүшөт. Болгону атайын өндүрүлгөн дарыны, же кошулмаларды ичсе эле далай майлар жок болушу мүмкүн экен. Эң эле аз дегенде 10 кгдай арыктатканга жардам берет деген “укмуш кептер” коомдук тармактарда байма-бай айтылып келет. Бирок ойдо жок жорукту баштаган арыктатуучу дарылар чын эле арыктатабы же ансыз да араң турган ден-соолукту талкалап, ооруканага сүйрөп барабы деген кызыктуу суроо туулат. Мына ушунун артынан түшүп, аз болсо да акыйкатка жакындоо максатында макалабызды баштадык.

Чү дегенде эле “1 айдын ичинде сизди супсулуу кылып, өзүңүз каалагандай арыктоого жардам беребиз. Бул коктейлде сизге керектүү биоактивдүү кошулмалар бар” деп ишкерлик кылган сатуучу менен маектешкенибизде ал бул коктейл бир гана арыктоо үчүн эмес, кош бойлуу айымдарга да салмагын бир калыпта кармоосу үчүн керектелерин төмөнкүчө айтты:

### “Өз салмагыңыздан 10%га арыктасаңыз болот”

“Бир айдын ичинде өз салмагыңыздан 10%га арыктасаңыз болот. Мисалы 3-7 кгга чейин. Бул коктейлди көрсөтмөсүндө айтылгандай ичсе таасири жакшы тиет. Бизге кайрылган аялдардын ичинен бир жумада 5 кгга чейин арыктагандары да катталган. Бул продукциянын эч кандай зыяны жок. Анткени табигый компоненттерден туруп, эч кандай химиялык зат жок. Кулпунай коктейлинде эч кандай бойок жок. Кулпунай кургатылып, майдаланып гана салынган. Коктейлде организмге керектүү заттардын баары бар, эч кандай зыяны жок. Бул ыкма менен арыктоодо сиз ден-соолугуңузду чыңдайсыз. Арыктатуучу коктейль Франция мамлекетинде жасалган. Биздин коктейлди ичкен кардарларыбыздын көбү спорт менен машыгышпайт. Жөн гана коктейл ичип арыктаса болот. Өз салмагын бир калыпта кармоо үчүн кош бойлуу аялдарга да сунуштайбыз. Бизде арыктатуучу үч программа бар. Биринчи программа 4780 сом туруп, ага 2 банка коктейл, жана ашказан тазалоочу чай кирет. Ал эми экинчи программа 8980 сом. Буга 4 банка коктейл менен ашказан тазалоочу чай берилет. Ал эми үчүнчү программа бул “ВИП” деп аталат. Анын баасы 12970 сомду түзөт.”

### “Өз күчүм менен 19 кг арыктагам”

Ал эми 4 айдын ичинде эч кандай биоактивдүү кошулмасы жок 19 килограммга арыктаган 34 жаштагы Максат байке арыктоонун ыкмасын айтып берди: “Арыктоодон мурун абдан ардандым. Анткени кийимдерим батпай, дөө (великан) өлчөмүндөгү кийимдерди кийип баштадым. Арыктаганга чейинки салмагым 127 кг. эле. Ошондон тарта арыктайын деп эртең менен эч нерсе жебей, 640 грамм суу иче баштадым. Сууну өтө эле муздак же ысык эмес, орточо ичүү керек. Суу ичип баштаганда ашказандагы тамактардын баары артылат экен. Арыктаганга чейин түштө лагман, манты жесем, учурда суюк, жеңил тамактарды ичип калдым. Нанды такыр жебей, чайды нават менен ичип жүрдүм. Мурункудай татууларды жебей, капустаны дымдап, бадыраң менен помидордон салат жасап жечүмүн. Ушундай тамак рационумдан улам салмагым акырындан азая баштады. Башында 500 грамм, 1 кгдан арыктадым. Кийин бирөө арыкташ үчүн күндө 5 чакырым басыш керек дегенин угуп, кечки тамакты 6:30 да ичип алып, күндө 5 чакырым бастым. Үйдө кандай тамак болбосун аз жечүмүн. Мисалы, эгер манты жасалса, андан 2 даана гана жейм. Күндө 5 километр басып, тамак рационумду өзгөрткөндөн кийин салмагым 3-4 кгдан кете баштады. Мурунку кийип жүргөн шымдарым тар болбой, өзүмдү жеңил сезип калдым. Ошондон улам 127 кг салмагым 119 кг түштү. Андан кийин 115, 110 болуп отуруп, акыркы салмагым 107 кг болду”.


### “Дары-дармектер мыйзамдын негизинде сатылыш керек”

Ал эми БАКтар тууралуу борбордук текшерүү аналитикалык лабараторияга (БТАЛ) кайрылганыбызда, ал жердин жетекчиси Нурлан Дүйшөналиев бизге төмөнкүдөй маалыматтарды берди: “Биздин лабараторияда заманбап жабдуулар бар жана жыл сайын технологиялык өзгөрүүгө ылайык жаңыланып турат. БТАЛ мамлекеттик каттоодон өткөн (сертификацияланган) дары-дармектер жана ошонун ичинен биологиялык активдүү тамак-аш кошулмалары өңү-түсүнөн, ар бир форманын салмагынан баштап текшерүүдөн өтөт. Биоактивдүү кошулмаларга токтоло кетсек, бул курамында витаминдерди, минералдык жана башка заттарды камтыган, ден-соолукту сактоого жана оорулардын алдын-алууга көмөктөшүүчү табигый азыктар. Биздин мамлекетте дары-дармектер мыйзамдын негизинде дарыканаларда сатылыш керек.

### “БАКты доктурдун айтуусу боюнча ичүү керек”

Анткени менен дарылар тууралуу адистиги бар, бирок атын атагысы келбеген адам БАК дарылары тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: “Бизде базарларда жана интернет баракчаларында дарылар сатылып жатат. Бирок, мыйзам боюнча бир гана дарыканалар текшерилет. Негизи расмий түрдө келген дары-дармектер мамлекетте катталышы керек. Ошондой эле сертификациядан өтүшү абзел. Ошондон кийин гана дарыканаларда сатылат. Ошого карабай, дарыканаларды текшерерде “сизге 10 күндөн кийин барабыз” деп билдирүү жиберишет. Ошондой эле мыйзамсыз, талапка жооп бербеген сапаттагы БАК дарыларын дарыканадан тышкары, базарларда саткан учурлар кездешүүдө. Булардын ичинде сибутрамин деген зат бар. Ал баңгизат текшерүү мекемесинде катуу көзөмөлдөнгөн зат катары каттоодо турат. Ал адамдын ичиндеги микрофлораны бузуп, ичти өткөрөт. Ошол себептен адам тамак ичкенде арыктай баштайт. Ал ден-соолукка керектүү заттарды жоготуп, арыктоого алып барат. Мындай дарылар мамлекеттик каттоодо турбагандыктан, мыйзам чегинде текшере алышпайт. Дарылар качан мамлекеттик каттоодон өткөндө гана текшерилет. Мисалы, БАКтар деле катталып, сертификациядан өткөндөн кийин дарыканаларда сатылышы керек. Дарыканалардан сырткары сатканга болбойт. БАК негизинен дары чөптөрдөн жана химиялык синтездөө аркылуу даярдалып, организмге жардамчы зат катары колдонулат. Бул дарылоого эмес, жардамчы болууга эсептелген. Чынында, бул дарылар катталып, сапаты текшерилиш керек. Ошондо гана сатууга уруксат берилип, дарыгердин айтуусу боюнча ичүүгө болот.”

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



Борбордук текшерүү аналитикалык лабараториясы



### “БАКтарды жашыруун ташыгандар көп”

**Дары-дармек маалымат борборунун жетекчиси Замир Акаев:** “Ар бир адамдын дене-турпатына бир нече биологиялык активдүү заттар керек. Организм үчүн бул заттар күнүмдүк муктаждык. Мисалы, адам стресске, же физикалык кыйынчылыкка кабылса, же болбосо катуу ооруса организминде айтылуу заттар азаят. Ошондуктан организм нормалдуу иштебей калат. Мына ушул кемтикти толуктоо үчүн БАКтар колдонулат. БАК боюнча аныктаманын негизинде биологиялык активдүү тамак-аш кошулмалары – курамында витаминдерди, минералдык жана башка заттарды камтыган, ден-соолукту сактоого жана оорулардын алдын-алууга көмөктөшүүчү табигый азыктар. Биоактивдүү кошулмалар организмдеги жетпей калган заттарга толуктоочу болот. Эгерде мыйзам чегинде туура жасалып, колдонулуп, сапаттары каралган болсо, анын эч кандай зыяны жок. Бир гана пайдалуу жагы болот.

Бирок туура эмес жасалган БАКтарды расмий түрдө эмес, жашыруун алып келгендер көп болуп жатат. Чет өлкөнүн маалымат булактарынан окусаңар мындай биоактивдүү кошулмадан жабыркагандар көп. Анткени ошол мамлекеттерде БАКты көзөмөлдөө чаралары төмөн. Кээ бирөөлөр БАК деп коюп, ичине бир нече дары кошуп салышат. Жөнөкөй адамдар мунун пайдасы бар экен деп иче беришет. Дарычылык касиети бар деп жарнамалап, элдерди адашууга алып барышат. Натыйжада эл буларды дары катары колдонууга өтөт. Мисалы, парацетамолду чөптөн жасалган БАКтарга кошуп чыгарышат. Ал эми биздин өлкөдө бул БАК дары-дармек каражаты катары эсептелип, атайын чаралар көрүлөт. Негизи БАКтын колдонуу курстары узак болот. 1 айдан жарым жылга чейин созулуп кетиши мүмкүн. Эгерде андай дарылар туура эмес болсо, сапаты жагынан каралбаса анын зыяны өтө эле көп.




# Троллейбуска да, маршруткага да жан керек

Маршруттук таксилер менен троллейбустардын таймашы көп убакыттан бери чечилбей келет. Бири микроавтобустарды алып, киши көп бата турган троллейбус жана автобустарды калтырыш керек десе, экинчиси бул транспорттор белгилүү гана жайларда токтоп, шаар четине чейин каттабагандыктан, маршруттук таксилердин керектигин айтышат

24-март күнү Бишкек шаарынын троллейбус айдоочулары жетекчилеринен бир катар маселелерин чечип берүүсүн өтүнүп, иш таштaшкан. Алардын негизги талаптарынын бири маршруттук такси айдоочуларынын жүрүү схемаларын өзгөртүп, шаардын негизги көчөлөрүн аларга, чет жактарын маршруткалардын айдоочуларына берүү эле.

## Троллейбус менен микроавтобустардын тирешүүсү акчага байланыштуу

Микроавтобустарды азайтууну троллейбус айдоочулары көп убакыттан бери колдоп келишет. Мындай атаандаштыктын бирден-бир себеби айлык акыга байланыштуу. Себеби жүргүнчүлөрдүн 80 пайызын маршруттук таксилер ташыса, калган 30 пайызын троллейбустар ташыйт. Ал эми бул 30 пайызды дээрлик пенсионерлер менен льготниктер толтурат.

Троллейбус айдап 6 жылдан бери эмгектенип келаткан Кадырбек мырза ушул убакка чейин чоңдорубузга канча ирет айтып угуза албагандыктан, иш таштаганын билдирди:

"Маршруттук таксилерге салыштырмалуу биздин айлык тапканыбыз өтө эле аз. Анан калса болбогон бир 7 миң сомго кечке шаар кыдырып иштейбиз. Бизге түшкөн жүргүнчүлөрдүн көбү жаш балдар жана карыкартаңдар. Алар болсо төлөбөйт. Айла жоктон иш таштап, митингге чыктык. Бир канча талаптарыбыз бар. Алардын бири маршруттук таксилердин жүрүү схемаларын өзгөртүп, шаардын негизги көчөлөрүн бизге берүү. Себеби биз жүргөн жол менен маршруткалар да жүрүп клиенттердин көбүн алар алып алышат. Ал эми аялдамаларга келгенде жол эрежелери бузулуп, токтоторго орун жок, тыгылып калып жатабыз. Мына ушул талаптарыбызды чоңдорубуз жакын арада чечип беребиз дешти. Аларга ишенип олтурабыз. Эгер маршруттар конуштарда жүрө тургандай кылса, бизге бир аз ыңгайлуурак болуп калат эле", – дейт ал.

Маршруттук таксилерди кыскартып, жүрүү схемаларын өзгөртүү керек деп 2013-жылдан бери айтылып келет. Бирок ушул убакка чейин көрүнүктүү иштер аткарылган эмес. **Бишкек шаарынын вице-мэри жана Бишкек троллейбустук башкармалыгынын убактылуу жетекчиси болуп дайындалган Геннадий Милитский** башка өлкөлөрдө жол кире 23-30 сомдон жогору болуп, бизде арзан болгону үчүн муниципалдык башкармалыктарды эч ким жеке менчикке албайт дейт:



"Троллейбус айдоочуларынын иш таштоосунан кийин азыр убактылуу троллейбус башкармалыгын айтылуу мекеменин башкы инженери башкарып жатат. Ал эми мурдагы башчы өз ыктыяры менен эмгек өргүүсүн алып, андан ары жумуштан бошонду. Мекемеде бир аз иштелбеген жумуштар болгону үчүн минтип айдоочулар митингге чыгышты. Биринчиден, айдоочулардын айлык акысын карап чыгуу маанилүү болуп турат. Мэрдин көрсөтмөсү менен айлык акы жакында көтөрүлөт. Ошондой эле кызматкерлерди да бир аз кыскартуу каралып жатат. Бирок троллейбус электрдик транспорт болгону үчүн кызматкерлерди кыскартардан мурун, жакшылап карап чыгуу керек. Мисалы айдоочу 12 миңдин тегерегинде айлык алса, башкармалык андан көп эмес, 15-16 миң алат. Өзүбүз билгендей, троллейбустар жүргүнчүлөрүнүн көбүн бекер ташышат. Алар инвалиддер, льготниктер жана пенсионерлер.

Учурда маршруттук таксилердин схемасын өзгөртүү каралып жатат. Бирок эл көнүп калган схемалардын өзгөрүүсүн жүргүнчүлөр жакшы кабыл албасы белгилүү эле иш. Ошондуктан маршруттук таксилер тролейбус каттамдарын кайталабагандай кылып өзгөртөлү деп жатабыз. Мына жакын арада жаңы троллейбустарды алабыз. Ошондо каттамдары окшош маршруттук таксилер алынып, кыскартылат. Бирок маршруттук таксилерди кыскартуу үчүн дагы, 800гө жакын автобус алуу керектелет. А буга болсо муниципалдык мекеменин каражаты жетпейт", – деди.

## Троллейбуста жүрүүнү көпчүлүк каалабайт

Күнүнө шаар тургундарын ташуу максатында 2500гө чукул микроавтобус жолго чыгат. Автобус жана троллейбустарда жүрүү кенен жана ыңгайлуу болгону менен тыгын болсо да айткан жериңе токтогон, тез жеткирген жана шаардын булуң-бурчуна чейин каттаган маршруттук таксилерде жүргөн жүргүнчүлөр арбын.

175-маршруттун айдоочусу Бакир мырза жумуштары оор болгонуна карабай унчукпай иштеп келе жаткандарын айтат:

"Биз деле бир канча ирет иш таштап, чакан митингдерге чыгып келгенбиз. Талаптарыбызды ана кылабыз, мына кылабыз деп аткарышкан деле жок. Бизге деле бир канча кысымдар болуп келет. МАИлер "туура эмес жерге токтодуңар" деп 1000 сомдун тегерегинде акча алып коюшат. Жүргүнчүдөн түшкөн акчага бензин куюп, унааны кайра оңдоп жатып, айына болбогон акча чыгып калат. Биздин жолдор өзүңөр билгендей начар. А биз көбүнчө жаңы конуштарда каттагандыктан, машина бир-эки барып келгенде эле шалдырап калат. Аны оңдотуш керек. Ал эми айына 10 000 сомдон ашык акча төлөп, ижарага алып иштегендер, үй-бүлөлөрүн жалаң гана маршруттук такси менен баккан айдоочулар дагы бар. Жол тыгын болуп жатат деп бир гана бизден көрө берүү деле туура эмес. Жол тыгын маселесин бизден эмес, жеке унаалардан чечүү керек. Себеби унаа токтотуучу жайлар толуп кетүүдө. Жолдун эки жагында тең машиналар турат. Шаардагы жүргүнчүлөрдүн 70-80 пайызын биз ташыйбыз. Троллейбустар бизге караганда эки эсе аз. Анан алар кантип жетишмек эле? Эгер бизди кыскартып, же киши барбаган конуштарга каттатып койсо, биз деле наразычылык акциясына чыгышыбыз мүмкүн", – деди.

Жакын арада автобустардын же троллейбустардын каттамдары менен дал келген маршруттук таксилер шаар борборунан алынып, коомдук транспорттордун каттамдары бири-бирин кайталабагыдай кылып жакшыртылары айтылууда. **Бишкек транспорт башкармалыгынын башчысынын орун басары Атыканов Нурлан** мырзанын айтымында союз убагынан калган тролейбустук линиялар ишке киришсе, 30га жакын микроавтобустардын каттамы өзгөртүлөт:



"Бүгүнкү күндө биздин шаарыбызды тейлеп жаткан 118 маршруттук каттам 41 жеке ишканага таандык. Кээ бир ишканаларда 15-16 маршруттук каттам болсо, кээ бирлеринде 1-2өө эле бар. Ошондой эле 12 автобустук каттам, тагыраак айтканда, 120га чейин автобус жана 9 каттамдуу 110го чукул троллейбус жолго чыгып турат. Жана айтып өткөндөй, микроавтобустардын 118 каттамында 2650-2700 маршруттук микроавтобустар линияга чыгат. Натыйжада, шаарыбызды тейлеген унаанын 80 пайызы микроавтобустар болсо, 20 пайызы автобус жана троллейбустар.

Бүгүнкү күндө троллейбустук багыттагы иштерди көбөйтүп жатабыз. Европалык банк менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, дагы 50 троллейбус сатып алууга акча каражаты чечилген. Эми ошол боюнча тендер өткөрүлсө, шаар ичиндеги троллейбустук жана автобустук каттамдардын окшоштугун бир аз кыскартуу маселелери каралат. Ошондо 50 троллейбус менен дагы 3 каттам кошулат. Союз убагында калыптанган каттамдар менен троллейбус жүргөн көчөлөрдөн микроавтобустарды азайтуу үчүн долбоорлор иштелип жатат. Ошондо 30га чукул маршруттук такси каттамы өзгөртүлөт. Бул өзгөрүүлөрдүн баары бүгүнкү күндө даяр. Биз союз убагында эле курулуп, бирок азыр бош туруп калган жолдорго троллейбустук каттамдарды киргизебиз. Ошондуктан микроавтобустардын саны кыскарышы да, кыскарбашы да мүмкүн. Бирок аны келечекте көрө жатарбыз", – деди.

Анткени менен микроавтобустар азайып, троллейбустар көбөйөт деп канчадан бери айтылып эле келе жатат. Алып салуу бул оңой эле иш. Бирок шаар тургундарын ташый турган троллейбустардын абалы купулга толбой, саны да аз болгону дагы бир ирет жакшылап ойлонуу талап кылгансыйт...

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Кээде аял үчүн туура жуунуу жетиштүү

Жашоодо бардык нерсе мезгил-мезгили менен жаңыланып, өзгөрүп кайра ордуна келип турат. Ошондой эле жаздын келиши менен организмде да бизге билинбеген процесстер жүрүп, кам көрүүгө муктаждыгын кандайдыр бир белгилер менен билдирет. Аны байкаган адам көңүл буруп, алдын-алса, кээ бирлери маани да бербейт. Маани бербестиктин натыйжасында ар кандай оорулар келип чыгат

Ушундан улам сулуулукка жана ден-соолукка кам көрүүнү максат кылган пластикалык хирургия жана дермато-косметология клиникасынын жетекчиси Айнура Сагынбаевадан "териге туура кам көрүү" тууралуу кеңеш алууну чечтик.

### Теринин түзүлүшү

"Эпидермис" – теринин үстүңкү бети, "дерма" – теринин өзү, "гиподерма" – теринин алдындагы май клетчатка.

Теринин катмарлары

Эпидермис – бул биз көзүбүз менен көрүп, сылап, тырмап, жууп жана сулуу же сулуу эмес деп баалаган тери. Бул биздин организмди бактериялардан, вирустардан, күйүктөн, үшүктөн жана башка сырткы чөйрөдөгү таасирлерден сактоочу кирпич дубал десек болот.

Дерма – бул катмарды биз көрбөйбүз. Кол менен да тийип байкай албайбыз. Дерманын негизги иши – өндүрүү. Ал эпидермис дубалы үчүн жаңы клеткаларды өндүрүп чыгарат.

Гиподерма – теринин астындагы май клетчатка. Бул ичеги, жүрөк, боор жана башка жашоого зарыл болгон ички органдарды соккулардан, солкулдоолордон сактаган коопсуздук жаздыгы. Эркектер менен аялдардын тери астындагы майы ар башка жайгашкандыктан ар түрдүү салмак топтойбуз. Мисалы, аялдардын май кабаттары көбүнчө капталдарына, сандарына, ийиндерине топтолсо, эркектердики негизинен курсагына чыгып кетет.

### Териге кантип туура кам көрүү керек?

Ар бир аял өзүнүн териси кандай экенин билүүгө тийиш. Терини чамалап кургак, майлуу жана аралаш деп үч топко бөлүүгө болот. Теринин түрү кандай экенин аныктоо үчүн болгону жакшы жарык тийген күзгүгө кароо керек.

1. Эгер бет бүтүндөй жылтырап, теридеги тешиктер чоң жана мурундун тегерегинде кара тактар бар болсо, анда бет майлуу.
2. Эгер мурун, ээк, чеке жалтырап, ал эми беттин калган бөлүгү өзгөрүүсүз турса, анда тери аралаш.
3. Эгер бет эч кандай жалтырабай, күңүрт тартып турса, анда тери кургак болуп эсептелет.

Аялдар көпчүлүк учурда түлөп, сыйрылса эле чекесине безетки чыгып, терисинин тешиктери чоң болуп, мурду майланышып турганына карабай, өз терисин кургак деп эсептешет да, майлуу кремдерди сүйкөнө баштайт. Бул анын бетининин абалын ого бетер начарлатат. Суу менен майды аралаштырбоо керек. Териде май көп, ал эми суу аз болушу мүмкүн. Андыктан мындай териге майлуу кремдерди шыбабай, тескерисинче, нымдоо керек! Жайкысын күндөн сактоочу, кышкысын азыктандыруучу майлуу жана суусу аз кошулган, суухтан сактоочу, жазында жана күзүндө витаминдештирилген жумшартуучу дегендей, кремди да кийим алмаштыргандай алмаштырып туруу зарыл. Жаштын өтүшү менен өтө майлуу беттин териси да кургай баштайт. Эң башкысы – аялдарда косметикадан – жуунуу үчүн каражаттар болууга тийиш. Менин алгачкы окуучум: "Кээде аял үчүн жөн гана туура жуунуу жетиштүү жана ал жагымдуу болуп чыга келет" деген. Элестетиңиз жөн гана жуунуу! Терини туура жана күн сайын тазалоо керек. Бул үчүн атайын тазалоочу каражаттарды колдонуу керек. Бирок эч качан самынды эмес.

### Кечкисин тазалоонун кадамдык алгоритми

1. Бөлмө температурасындагы суу менен жуунуу. Өтө муздак суу терини кургатып жиберсе, ысык суу булчуңдарды бошоңдотуп, бырыштын эрте түшүүсүнө жол ачат. Андыктан эң жакшысы алдын-ала даярдалган чөптөрдүн маңызы менен (майлуу жана аралаш териге – ромашка, календула, шалфей жана кургак териге – розанын желекчелери) жуунган оң. Чөптөр терини нымдаштырат жана жумшартат.
2. Жуунуу үчүн атайын каражат алуу жана бетти самындоо. Бетти чайкаганда катуу жышыбай бөлмө температурасындагы суу менен акырын тегеретен кыймылда жуу керек.
3. Буланы тоникке нымдап, аны менен беттин массаждык сызыктарын (бул сызыктарды басууда терини чоюп салуу коркунучу азыраак) туштап сүртүү керек.
4. Тери кургаган соң түнкү кремди жана көздүн айланасындагы териге арналган кремди акырындан чапкылап сүртүү керек.
5. Скраб менен масканы жумасына бир нече ирет колдонуу зарыл.

"Жаш жана сулуу аял жаратылыштын жаратуусу, жаш эмес сулуу аял бул чеберчиликтин жаратуусу" Я. Похорская

### Үй шартында элдик каражаттар менен тазалоо

1. Өсүмдүк майы менен тазалоо (Кургак тери үчүн)

Өсүмдүк майынын кайсы түрү болсун, банкага куюп 1-2 мүнөткө ысык сууга салып туруңуз. Андан кийин кебезди майга малып, аны менен бетти, моюнду, эринди жана кашты сүртүңүз. 2-3 мүнөттөн соң бетти чайга салынган кебез менен сүртүп, бетке сууландыруучу кремди сүйкөп койсоңуз болот.

2. Айран менен тазалоо (Майлуу жана аралаш тери үчүн)

Кычкыл каражаттар майлуу теридеги бактерияларды жок кылат. Буланы айранга малып, аны менен 4-5 ирет бетти сүртүңүз. Улам-улам буланы алмаштырып туруңуз. Андан кийин майлуу бетке арналган тоник менен бетти сүртүп, сууландыруучу крем сыйпап койсоңуз болот. Эгер бет кызарып кетсе, анда аны суу менен жууп салуу зарыл.

3. Жумуртканын сарысы менен тазалоо (Бул кургак жана аралаш тери үчүн)

1 жумуртканын сарысына 1-2 чай кашык суу май, 2 чай кашык жемиштин ширеси кошулат. Баарын аралаштырып, кебезди ага малып бетти тазалоо керек. Бетте көбүк пайда болгондо 2-3 мүнөт коё туруп, андан кийин жылуу суу менен жууп, атайын крем менен майлап коюу керек.

### Тери картайбаш үчүн эмне кылуу керек?

1. Бетти көп бырыштырбаш керек. Эгер бетиңиз кыймылдуу (активдүү мимика) болсо анда ботокс (кыймыл издерин дарылоочу каражат) жасоо керек.
2. Күндүз сууну көп ичип, жатаарда суу ичпөө керек. Анткени ал бетти шишитип терини чоюп салат.
3. Бетти дайыма укалоо зарыл. Маска болсо жумасына 2-3 жолу жасоодо жакшы натыйжа берет. Жатарда бетке кремди жука кылып сыйпап коюу туура болот.
4. Жаз, жай айларында күндөн сактоочу кремдерди күндүз 2-3 маал пайдаланыңыз. Ал эми күз, кыш айларында эртең менен сүйкөңүз.
5. Сүт азыктарын, талкандарды, майсыз этти, балыкты, жашылча жемиштерди колдонуу сунуш кылынат.
6. Косметикалык каражаттар төмөнкүлөргө төп келүүсү шарт:
   - Теринин түрүнө;
   - Жаш курагына;
   - Жыл мезгилине;
   - Жашаган жерине.
7. Таза абада көбүрөөк болуу керек. Өзгөчө жамгырдан кийинки таза аба абдан пайдалуу..

*(Уландысы бар. Безетки, косметиканын түрлөрү, чачтын түшүшү)*

Даярдаган:
АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Байлыкты бир тамгага катса болот

**Мындан бир канча жыл мурун Түштүк Кореянын мамлекеттик каттоо адистери кандайдыр бир программанын негизинде 20 чакты мамлекетти кыдырып, «каттоо ишин кантип системалаштыруу керек» деген маанайда окутуп-үйрөтүү иштерин өткөрүшкөн. Мына ошол программанын жүрүшүндө Кыргызстанга келген корейлер күтүлбөгөн жагдайга туш болушат**

Көрсө, мындагы каттоо иши алар ойлогондой эмес, тескерисинче, алда канча алдыда турат экен. Ошондо алар таң калганын жашыра албай: «биз 20 мамлекеттин бирөөнөн да мындай системалуу иш көргөн эмеспиз. Ал тургай бул бизде да жок» деп мактоосун айтышкан. Албетте, сиз азырынча мындайга ишене албай болушуңуз керек. Бирок, бүгүн аталган мекемеде 15 жылга чукул кызмат өтөгөн IT бөлүмдүн адиси Мурат Урбаев менен сүйлөшүп отуруп, жакшылап аракет кылып, чын дилден иштесе, бизде да чоң-чоң ийгиликтер жараларына бөркүбүздөй ишенип кайттык. Эмесе, калган кепти өз айтканы боюнча улантсак.



## Эч кандай ортомчунун кереги жок

Мен бул мекемеге 2004-жылдары Манас университетинин «компьютердик инженер» бөлүмүн бүтүрөрүм менен ишке киргем. Ооба, алгач мени жумушка аларына ишене алган эмесмин. Ал тургай кайсы бир интернет клубда администратор катары иштесемби деп да даярданып отургам. Бирок, жубайымдын айтуусу менен неси болсо да барып көрөйүн деп документтеримди тапшырып калдым. Кийин карасам, жумушка алыныпмын. Ошону менен азыркыга чейин ушул жерде иштеп келем.

Өзүңөр билгендей азыркы тапта бардык нерсе компьютер аркылуу жүрүп калбадыбы. Ушундан улам кандай иш болбосун биздин IT бөлүмдүн кол астынан өтөт. Катталган маалыматтар, аткарыла турган иштер, программалар бүтүндөй биздин колдо. Ошондуктан бул жерге эң күчтүү техникалар, жакшы жетишкен адистер жана бардык талаптарга ийкемдүү программалар керек. Кудайга шүгүр, биз азыр ушунун көбүнө жетишип калдык. Жалпак тилге салганда, азыр бизде кыймылсыз мүлктү каттоо үчүн жөнөкөй шаар тургунуна эмне керек болсо, биз өз убагында жана өз баасында жасай алабыз деп ишенимдүү айта алам. Эгер кайсы бир жаран үйүн болобу, жер тилкесин болобу, же батиринби, айтор, эмнесин каттатам десе да, колуна тиешелүү документтерин туура, так чогултуп келсе анда эч кандай ортомчусуз, эч кандай парасыз керектүү иштерин бүтүрүп кете алат. Бул жагынан бизде баары жолго коюлган. Анткени бизде бардык нерсе программага салынган. Айтылган иш айтылган убакта бүтпөсө ал системада көрүнүп калат да, иштин жүрүшүнө бут тоскон кызматкер жоопко тартылат. Технологиянын ушунусу жакшы. Ошондуктан биздин жумушчулар арыз тапшырган адамдын тапшырган документтеринде кандайдыр бир кемтик болсо дароо ошол адамдын өзүнө байланышып, эмне кемтик кеткенин, кандай маселе болгонун кабарлап турушат.

## Жалган документ үчүн жооп беребиз

Андан сырткары, бизде башка көптөгөн өлкөлөрдү таң калтырган өзгөчөлүк бар. Бул албетте, жеке биздин бөлүмдүн жетишкендиги эмес, бул жалпы каттоо мекемесинин жетишкендиги.

Мисалы, кандайдыр бир жаранга таандык жер тилкеси, же кандайдыр бир кыймылсыз мүлк жалган документ менен сатылып кетип, кийин ошол алданган адам менен жердин чыныгы ээси чатакташып калса, анда бул иште биздин мекеме да өз жоопкерчилигин кандайдыр бир деңгээлде тартууга милдеттенген. Негизи, андай жасалма документ бизге келери менен аныкталып, алуу-сатуу иштери боюнча каттоого алынбайт жана керек болсо укук коргоо органдарына маалымат берилет. Бирок, кандайдыр бир карасанатайлык мененби, же адашуу мененби, айтор, алуу-сатуу ишине катталып кетип, натыйжада чыныгы ээси менен алданган киши соттошуп калса, анда бизде атайын бөлүнгөн кепилдик корунан күйгөн жаранга кетирген чыгымынын кандайдыр бир бөлүгү төлөнүп берилет. Жогоруда айткандай эле бул түшүнүк керек болсо өнүккөн мамлекеттерде да жок. Аларда жалган документ каттоодон өтүп кеткен болсо да, мамлекеттик каттоочу мекеме алакан жайып туруп берет.

## Бир көчөнүн үч аты бар

Бирок, бизде да бүтпөгөн көйгөйлөр бар. Айрыкча, азыркы технология доорунда, бир калыпка түшүп системалашуу заманында бул каталар оркоюп эле көрүнүп калды. Мен муну менен эмнени айтайын деп атам? Өзүңүздөр билгендей ушул кезге чейин биздин көчөлөрдүн аттары, мекемелердин аттары, коомдук жайлардын аттары, ал тургай адамдардын аттары бир калыпка салынбаптыр. Убагында орустарды так эл, түз эл дечү элек, көрсө, так ошолор биздин жүрүм-турумубузду балжа-булжа кылып кетиптир. Мисалы, көчөлөрдүн аттарын эле алсак. Бир эле көчөнүн аты ар кандай айтылып жүрөт. Бирде Токомбаев көчөсү десек, бирде Токонбаев көчөсү деп жаза бергенбиз. Бирде Бөкөнбаев десек, бирде Боконбаев, же Боконбаева дей бергенбиз. Мунун баары жөн гана элдин оозунда болуп, жазылганда бирдей жазылса жакшы эмеспи. Бир документти карасаң «ө» болуп жүрсө, бирөөндө «о» болуп жүрөт. Бирөөндө аял болуп жүрсө, бирөөндө эркек болуп жүрөт. А азыр система, технология деген аны карабайт да. Бир дарек бардык жерде бирдей чыгыш үчүн, бардык жерде бирдей жазылышы керек. Эгер Бөкөнбаев 11 деп киргизилген даректи, Бөкөнбаева 11 деп, же Боконбаев 11 деп издесең аны эч качан таппайсың. Ал эми мындай көйгөйлөр канча? Сухе Батыр көчөсүнүн үч варианты бар. Сухе Батор, Сухе Батыр, Сухе Баатыр деп жазылган документтер жүрөт. Мындан сырткары, бизде дагы бир маселе турат. Биз белгилүү адамдардын атын колдонобузбу, фамилиясын колдонобузбу же экөөнү тең колдонобузбу? Мисалы, Токтогул көчөсү бар жана ошол эле убакта Сатылганов атындагы филармония бар. Биз мунун кайсынысын колдонушубуз керек? Же Токтогул Сатылганов атындагы көчө болушу керекпи? Убагында буларды да чаржайыт жаза беришкен. А бүгүн компьютерлештиргенге келгенде биздин айлабыз кете баштады. Же кыргыз тилчилер көңүл бурбайт, же бир мыйзам чыкпайт. Азыр биз да кайдыгерлик менен туш келди жаза берсек эмне болот? Ушул боюнча калат бул программа. Кийин элге сиңип, ар кандай системаларга ооп кеткен соң өзгөртүү кыйын болуп калышы мүмкүн. Мунун баарын такташ керек болуп турат. Абдумомунов атындагы драм театры Абдымомунов атындагы көчөдө жайгашып калыптыр. Мунун кайсынысы туура? Эгер ошол башка-башка бойдон жазсак, кийин ал бир ат менен издегенде чыкпайт. Абдымомунов атында эмне бар десең, же көчө эле чыгат, же театр эле чыгат. Ал тургай биздин Боршайкомдун каттоосунда ката болуп жүрөт. Мисалы, бир эле көчөнүн берки капталы Токонбаев деп жүрсө, наркы капталы Токомбаев деп жазылып жүрөт. Бул дагы туура эмес. Азыр бир эле тамганы өзгөртүү менен далай чатакты баштаса болот. Бир эле тамганы өзгөртүү менен байлар байлыгын, үй-жайын катып коюп, эртең үй-жайы жок бечара көрүнүп калышы мүмкүн.

## Бир орустун кылганын кырк кыргыз оңдой албайт

Мына ушунун баарын ойлоп отуруп убагында орустар бизди каалашынча ойнотконун, керек болсо каалашынча шылдыңдаганын, ошонун азабын эмгиче тартып келгенибизди дагы тереңирээк түшүндүм. Себеби, көчөлөрдүн аты гана эмес, кишилердин аты-жөндөрү да ар кандай жазылган. Ал тургай Ө, Үсү жок аттар деле бурмаланып кетиптир. Өздөрү каалагандай жазыптыр. А биз эмгиче ошону колдонуп келебиз. Атабызды таппай калган күнгө келдик. Мына бүгүн Атай Огонбаев беле, же Атай Огомбаев беле, Абдымомунов беле, же Абдумомунов беле билбей отурабыз. Эртең анын аял экенин, же эркек экенин билбей калган жаштар келет. А бүрсүгүнү анын кыргыз экенин, же татар экенин билбей калсак кантет? Чингизби же Чынгызбы, же Чыңгызбы? Баары тең бар документтерде. Сынган Кылычта Нүзүп деген баатыр айтылат. Бирок, аны тарыхтан таппайсың. Таппаган соң мындай адам болгон эмеспи деген ой туулат. А чынында Юсуф деген баатыр тууралуу жазылып жүрөт. Бул ошол адамбы же башкабы? Деги айтып отурса бизде бул жагынан маселе көп. Анан калса Джекшен, Джоомарт деген сыяктуу убагында бир орустун келжиреп отуруп бузуп койгон сөзүн бүгүн бузулгус мыйзам көрүп, оңдобой колдонуп жүрөбүз. Оңдоюн десең тоодой маселе, толтура кагаз сурашат. Болбосо ошону эч кагаз, эч документ сурабай туруп эле эки орус эки башка жазып койгон. Бир акмактын ыргыткан ташын, кырк акылман чыгара албайт болуп отурабыз.

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



**Бишкек шаардык кыймылсыз мүлктү каттоо башкармалыгынын IT адистери**

# Кытай: II Апийим согушунан кийин...

I жана II Апийим согуштары өз тарыхын коммунисттик идеологиянын көз-карашы менен караган кытай бийлигине жакшы сабак бербегендей. Кыргызстан кытай экономикасынын өсүүсүн пайдалануу менен бирге, коңшунун кооптуу тараптарын да көз жаздымда калтырбоосу зарыл...

### I Апийим согушунун натыйжасы

Буга чейин жазганыбыздай I Апийим согушу 1842-жылдын 29-августунда Нанкин тынчтык келишими менен аякталган. Цин империясы 15 000 000 күмүш лян (21 000 000 доллар) кун төлөп, Англияга Гонконгду берип, британдык көпөстөргө бир нече портторун ачкан жана апийим менен соода кылууга бейрасмий уруксат берилген. Карапайым элдин арасына баңгилик катуу тарап, алардын айбандашып кырылуусуна жол ачкан.

### II Апийим согушу

XVIII кылымда Англиядан башталып, кийин Батыш Европа, АКШ жана Австралияга жайылган «өндүрүш ыңкылабы» бул аймактардын тез өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Буу менен иштеген кыймылдаткыч оболу мата согууда колдонулуп, кийин өндүрүштүн бардык тармагында жайылган. Ал соода жана аскердик кемелерге жайгаштырылган соң мурункудай адам күчү менен, же шамал менен жүргөн кемелерден салыштыргыс артыкчылыктарга ээ болгон. Ок дары жана мылтыктын пайда болуусуна мындай артыкчылык кошулуусу жогоруда аталган мамлекеттердин баскынчылык менен тез баюусуна шарт түзгөн.

Чиркөө менен абсолюттук падышалык бийликтин ахлагынан боштондукка чыгып, буга чейин төмөн деп эсептелип келген коомдук тайпалар баюунун бардык жолу туура деген чечимге келген. XVIII – XIX кылымдары трансконтиненталдык жеке менчик коммерциялык компаниялар Батыш Европа менен Америка Кошмо Штаттарынын баскынчылык саясатынын куралы да, багыттоочусу да болуп берген. Бул мамлекеттердин куралдуу күчтөрү компаниялардын жаңы базарларды басып алуу куралына айланышкан.

Агытылган напсинин айынан I Апийим согушунан кийинки 1842-жылкы Нанкин келишими да англис, француз жана америкалык көпөстөргө тардык кыла баштаган. Ошол жылдары Кытайды башкарып турган манжу бийлигинин бирде эрдемсинип, бирде шыйпаңдаган саясаты европалыктарга түшүнүксүз келип, натыйжада Кытайды толугу менен чөгөлөтүү чечимине түрткү берген. Акыры англистер «биздин желегибиздин алдында соода жүргүзгөн кытай кемесин кармадыңар», француздар «диний миссионерлерибизди өлтүрдүңөр» деген шылтоо менен Син империясына согуш ачкан. 1856–1860-жылдарда өткөн ушул согуштан соң, Кытай бийлиги баскынчыларга толук багынып берген. Андан соң алардын колу менен Кытайдын түштүгүн толугу менен ээлеп турган 30 миллион калкы бар, өздөрүн христианбыз деп эсептеген Тайпин дөөлөтүн чөгөлөткөн. Себеби христиан динин кабыл алган кытайлар өз аймактарына апийимдин тароосуна бөгөт койгон.

### Кайра тынчтык келишими

1860-жылдын октябрь айында «Пекин протоколу» деп аталган тынчтык келишими түзүлгөн. Келишим боюнча Кытай тарап соода жана тышкы саясатты жүргүзүү көз карандысыздыгынан ажыраган. Европалыктар сатып алган, же ижарага алган жерлеринде каалаган максаттагы имарат куруу эркиндигине ээ болгон. Французлар менен англичандарга 8 млн. күмүш дилде кун төлөнүп берилген. Экинчи согуштун чыгымдары да толугу менен Кытай тарапка жүктөлгөн. Европалыктардын кытай калкына жасаган эң чоң жакшылыгы катары апийим расмий соода кылынчу товарлардын катарына кирген.

Ушул жерден азыркы Сирияга «арачы түшө калгандай» жетип барган Орусия да «сары майдан» томуруп калганга жетишкен. Ал арачыга алты таяк жемек тургай, Уссур дайрасы менен Балхаш көлүнүн боюн жана Орто Азияда жүз миңдеген чарчы километрлик аянттарды энчисине алган.

### Келме кезек, терме тезек

Андан бери Янцзыда далай суу акты дегендей, ооматы бирде келип, бирде кеткен дүйнөдө салмак таразасы эми Кытай тарапка оогонсуйт. Өткөн тарыхы менен эл башкаруу табияты түспөлдөш Орусия менен Кытайдын жакындоосу дүйнөнү тынчсыздандырып турган кез. Дүйнөдөгү эң көп аскери бар мамлекет менен согуштук куралдарды иштеп чыгуу боюнча алдыңа ат салдырбас өлкө бириксе ким чочулабайт?

Кытай былтыртан баштап АКШ жана аны колдогон Жапония менен Түштүк Кытай деңизинде тирешүүгө өттү. Бул аймакта жасалма аралдарды түптөп, ага аскердик базаларын орнотуу алакетине түшкөн Кытайга капиталисттик идеологияны карманган тараптар эскертүүнүн артынан эскертүү жолдоодо. Бирок Кытайдын куйма аралдарын куруу ниети токтогудай эмес.

Быйыл февраль айында Кытай тарыхында биринчи жолу чет өлкөдө аскердик база кура баштады. Африканын Жибути бийлиги менен макулдашып салчу базасынын наркы 600 млн. долларды түзөт. Ал аркылуу Африка менен Евразияны бириктирген Суэц каналын, Инд мухитин, Түндүк Африканы жана Жакынкы Чыгышты көзөмөлдөп турмакчы. Кытай дүйнөлүк океанда дагы ушул сыяктуу 18 аскердик база салат деген имиштер айтылууда. Бул мамлекет эмне үчүн мындай аракеттерге барууда? Себеби – өткөн кылымдагы европалыктардай эле дүйнөдөгү кытайлык соодагерлерин жана өндүрүшү менен иштеген жарандарын коргоо. Өлкөсүнүн мындай дымагын байкаган Шанхай шаарынын Фудан университетинин профессору Шен Динли: «АКШ өз бизнесин дүйнө боюнча өнүктүрүп, анын кызыкчылыгын коргоо үчүн 150 жыл куралдуу күчүн колдонду. Эми буга чейин АКШ кылып келген иштерди Кытай да кыла баштайт», – деп жиберген.



Кытай деңиз аскер күчтөрү

### Кытайдын кендирин кескен жагдайлар

Үстүбүздөгү жылдын 12-мартында Бүткүл кытайлык элдердин өкүлдөрү менен Кытайдын Элдик саясий кеңешмесинин биргелешкен үч миң кишилик жыйынында премьер-министр Ли Кэцан: «Өлкөбүздө жылдап жыйылып келген көйгөйлөр жана коркунучтар суук жүзүн көргөзө баштады», – деген.

Калкы топтогон каражатты каалаган жагына буруп келген кытай компартиясы азыр эмне кыларын билбей турган чагы дейт серепчилер. Буга чейин бул каражаттарды ишканалардын акцияларын сатып алууга, ипотекалык насыяларга багыттап келген өкмөт азыр туңгуюкка кептелип калды. 2015-жылга чейин кытай бийлиги «элдин каражатын эң жакшы сактап, көбөйтүүчү нерсе малекеттик баалуу кагаздар» деп келген. Муну жергиликтүү бийликтегилер да активдүү колдошчу. Анткени баалуу кагаздарга жумшалган каражаттарды карызга белчесинен баткан мамлекеттик ишканалардын активдерин сатыкка чыгарууга колдонушкан. Ишенчээк калктын суктугунан улам баалары негизсиз жогорулап кеткен мамлекеттик ишканалардын акциялары былтыр бир заматта арзандап, ит бекер сатыла баштаган. Муну көрүп алапайын таппай калган кытай өкмөтү башында бул акцияларды ачык сатыкка чыгарууну тыйып, өзү миллиарддаган каражатка сатып алууга өттү. Бирок мындан эч кандай майнап чыкпагандан кийин, аргасыз «үйлөтүлгөн» юандын курсун түшүрүүгө мажбур болду. Калк куну түшүп бараткан акчасын сактап калуу максатында, ансыз деле ашыкча сунуштан улам көөп турган батир базарын ого бетер желге толтуруп, өзүнө кереги жок батир алуу үчүн километрлеген кезекке тура баштады. Бул окуядан кийин кытай өкмөтү экономиканы дайыма эле саясий аспаптар менен башкаруу мүмкүн эместигине көзү жетти.

Бул экономикалык жагдайга үстөкө-босток болгон дагы бир нече көйгөй бар. Алар биз Апийим согуштарынын тарыхы тууралуу жазган эки макалабызда келтирген маселелер менен эгиз козудай окшош. Биринчиси – жергиликтүү башкаруу системасына чейин сиңип кеткен жемкордук. Бирин-серин көргөзмө үчүн жазаланган аткаминерлер болбосо, арам тамактык менен системдүү күрөшүү жокко эсе. Жорж Сорос баамдагандай, Кытай экономикасы саясий реформаларсыз мындан нары өсүшү мүмкүн эмес. Анткени атаандашсыз саясий система, мыйзамдардын бардык элге бирдей иштебөөсү, адам укуктарынын эбегейсиз чектелүүсү дайыма саясий-экономикалык демилгечиликке бөгөт болуп, калктын эсебинен жашагысы келген тайпаларды пайда кылып, коомдук чыңалууга жана жарылууга алып келген.

Кытай коомунда баңгичилик пайызы да артууда деген кабарлар байма-бай таралууда. Тибет, Ички Монголия жана Чыгыш Түркстан аймактарындагы улуттар аралык маселелерди күч менен чечүү жана жергиликтүү калкты ассимиляция кылып, хандарга сиңирип алуу аракеттерине каршылык күч алып турат.

Жогоруда айтылган, кылымдар бою ырбап келе жаткан көйгөйлөрдү чечпей туруп, ушул мүнөздө калыптанган орой саясат менен дүйнөлүк аренага чыгуу жер калкынын көйгөйүн жеңилдетүүнүн ордуна, оорлоштура бермекчи. Ушул эле маалда Кыргызстан Кытай экономикасынын өсүүсүн пайдалануу менен бирге, коңшунун кооптуу тараптарын да көз жаздымда калтырбоосу керек.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

**Кытайдын 2013-жылдан берки жана жакында кылынчу болжолдуу инвестициялары:**

| Мамлекет же регион | млрд $ |
|---|---|
| Европа мамлекеттерине | 23 |
| АКШ | 15 |
| Орусия Федерациясы | 41 |
| Украина | 15 |
| Түштүк Чыгыш Азия | 30 |
| Африка | 50 |

# Төрт чырак тууралуу икая

Бөлмөнүн ичине төрт чырак шоolaсын чачып, акырындан күйүп эрип бара жатышты. Айлана ушунчалык тынч болгондуктан алардын шыбырашканы кадимкидей угулуп турду.

Чыртылдап күйгөн биринчи чырак: "Менин атым – Сабыр. Тилекке каршы, адамдар мени күтө алышпайт. Аларга керегим болбогондон кийин менин күйүп–жанганымдан не пайда? Андан көрө өчүп калганым дурус", – деп түтүнү жогору карай жай көтөрүлүп барып, акырын тынып калды.

Экинчи чырак болсо: "Мен – ишениммин. Мен тууралуу кеп болгондо адамдар так секирип жалганды көздөй ашыгышат. Алар менден качышат. Менин жарык чачып, жылуулук бергенимдин эч кандай мааниси калбады", – деп а дагы жалп этти.

Каңырыгы түтөгөн үчүнчү чырак: "Мен – сүйүүмүн. Мындан ары күйгөнгө менин да алым калбай калды. Адамдар мени баалашпайт. Алар бири–бирине сүйүү тартуулап, бири–бирин аздектегенди билишпейт", – деди да бүлбүлдөп барып жок болду.

Так ушул маалда эшик шарт ачылып, бөлмөгө кичинекей бала кирип келди. Жаңы эле өчүп, түтүнү сызылып турган чырактарды көргөндө: "Силерге эмне болду? Силер күйүшүңөр керек. Мен караңгылыктан корком", – деп кыйкырып, өңгүрөп ыйлап жиберди.

Булардын бардыгына күбө болуп толкунданып кеткен төртүнчү билик: "Сен коркпогун. Ыйлаба! Мен күйүп турганда башка чырактарды кайрадан жандырып алсаң болот. Менин атым – Үмүт", – деп кайраттуу добуш салды.



# Тапкычтык

Бул окуя азирети Хасан менен Хусейиндин бала курагында болгон экен. Алар курбалдаштары менен булак башында ойноп жүрүшкөн. Бир маалда алардын жанына бир карыя келип, даарат ала баштады. Пайгамбарыбыздын неберелери кары кишинин даарятты дурус албаганын байкап, акырындан жанына келишти. Анткени менен тартиптүү жеткинчектер карыны уяткарганды туура көрүшкөн жок. Даарат алуунун эрежелерин кантип үйрөтсөк деп бир аз ойлонуп туруп Хасан мындай деп сөз баштады:

– Ата, мынабу менин бир тууганым. Бул мага: "Сен даaратты туура эмес алып жатасың", – дейт. Экөөбүз сиздин алдыңызга даарат алып көрсөтөлүк. Сиз кимибиздики туура экенин айтыңыз, – деп, аксакалдын алдында даарат алып башташат. Карыя аларды карап отуруп:

– Балдарым, экөөңдүн тең даарат алганың дурус экен... Силерди карап отуруп, өзүмдүн туура эмес даарат алып жүргөнүмдү сезип калдым. Анан да экөөңдүн кичипейил, көркөм мүнөзүңөр мени абдан таң калтарды. Алла силерге ыраазы болсун! – деп кубанган экен.



# Өмүрүбүздөгү бир менен нөлдөр

Физика–математика факультетинин профессору бир күнү студенттерине турмуштук сабак үйрөтүү максатында тактага 1 санын бадырайта жазды. Студенттерине карап: "Бул биздин адамгечилигибиз. Адамгерчилик биздин өмүрүбүздөгү эң маңыздуу касиет" деди да, жанагы 1дин жанына 0 санын жазды. "Ал эми бул 0 болсо биздин жетишкендиктерибизден бирөөсү. Алдыдагы адамгерчилик сапатына бир жетишкендик кошулса ал 10 деген санга айланып, адамдык сапатты арттырат. Дагы бир жетишкендик кошулса ал 100гө айланат. Ошентип адамдын тажрыйбасы арткан сайын адамдык сапаты 10 эсе көбөйүп жүрүп отурат". Профессор ушуларды айтканча 1дин артынан нөлдөрдү кошо берди. "Бул зиректигиңиз. Бул тартибиңиз. Бул билимиңиз. Бул өнөрүңүз" деп улам кошуп баратты. Кошулуп жаткан ар бир нөл адамды он эсе байыта тургандыгын түюнуп магдырап отурушту окуучулар. Бир маалда профессор 0 кошууну токтотту да, сандардын эң башында турган 1 санын өчүрдү. Тактада ошондо тизилген гана нөлдөр калды. Профессор эми окуучуларына карап туруп: "Мына, эгер адамгерчилигибиз жок болсо, калган бардык сапатыбыз түккө арзыбай калат", – деди.




# Уйкуңан ойготуп жибердимби?

Үйдүн телефону таңга жуук саат 03:30дарда чырылдады. Уйкулуу көзү менен телефондун туткасын алып энесинин добушун эшитти. Телефондун аркы учунан: "Балам, кандайсың?", – деди эненин жалооруган үнү. "Жакшы апа. Эмне болуп кетти? Деги тынччылыкпы?" – деди бала чочулагандай. "Тынччылык балам. Жөн гана үнүңдү уккум келди, каралдым", – деди апасы. Эми кадимкидей кыжыры кайнап кетти. "Апа, түн ортосунда да ушунтип чалабы?!" "Уйкуңдан ойготуп жибердимби, кагылып кетейин", – деди эле баласынын ого бетер жаны кашайды. "Апа, кызыксыз деги! Анан таң атканда деле чалсаңыз болот эле да!" – деди ал күңкүлдөп. "Ээ, уулум, 30 жыл мурун сен да мени туура ушул саатта ойготкон болчусуң. Туулган күнүң куттуу болсун, балам", – деди апасы жайдары жылмайып.



# Көрүмчү

Соодагер базардан чарчап–чаалыгып, үйүнө өтө кеч кайтып келе жатты. Эң акыркы имерилиштен бурулуп, короосуна жакындап калган кезде ирени капкара болгон кайырчы чалдын дубалынын түбүнөн конууга түнөк дайындап жатканын байкады. "Баягы бечара тура, кургур" деди ичинен боору ачыгандай. Бул ырайы суук кайырчыны ушул аймакта таанибаган киши жок. Бирок, качан болбосун "Балабакыранын жүрөгүн түшүрчүдөй болгон какмар! Тур жогол бул жерден!" деп үйжайына жуутпай кууп турушчу. Соодагер ошолорду эстеп отуруп бечарага боору ооруп, үйүнө киргизди. Жуунтуп–тарантып, курсагын тойгузду. Жатаарында жылуу бөлмөгө мамык төшөгүн салып, куш жаздыгын жаздап, кардай аппак шейшеп капталган жуурканын жапты.

Көптөн бери мындай бакытка балкыбаган ырайы суук кайырчы түнү менен уктай албай, улам бир капталына оонап, түбү жок санаага батып жатып терезенин нары жагына көзү түштү. Жарымдап калган айдын алсыз жарыгынан кандайдыр бир калдаңдаган караандар мышыктай жылып терезенин алдынан өтүп кетишти. А–бу деп эки жагын карагыча болбой эшик акырын кычырай ачылып, эки–үч күрсүйгөн жигит кирип келишти. Кайырчы булардын түрүн көрүп эле коркунучтуу каракчылар экенин билди. Кыязы, уюшкан зөөкүрлөр акчалуу соодагерди балачакасы менен жайлап салып, байлыгын тонойлу деп келатышса керек. Айласы кеткен абышка төшөктө тымпыйып жата бере албай шейшебин жамынган бойдон тура калды да, тигинде турган баскычты басып, жарыкты жандырып жиберди. Караңгы түндө капилет жарк эткен жарык көздү уялтып, бөлмөнү бир заматта кучагына алды. Бирок, жарыктын чачылганы бир тең болду да, каракчылардын дүрбөлөңү бир тең болду. Мындайдын далайын көрүп, далай жанды какшаткан канкорлор бул жолу карышкырдан үркөн койдой тобу менен дүбүрөп качып, бири–бирине чалынып, бири–бирин тепкичтен тоголото түртүп, айласы кеткенде короонун эшигин таппай тешигине тыгылып отуруп, бир заматта тымтыракайы чыга тарады. Аңгыча ызы–чууну туя калган үй–ээси бала–чакасы менен ойгонуп, туруп келишти. Булар келгенде жаңы эле тепкичтен кулап түшүп, бутун сындырып алган калдайган каракчы ордунан сүйрөлө туруп, короонун эшигин таппай кайсалактап жүргөн. Үй ээси аны ошол жерден колго түшүрүп, тартип сакчыларын чакырып колуна салып берди.

Көрсө, элдин баарын коркутуп, калктын үшүн алган куник жүздүү кайырчынын караңгыда аппак шейшепчен жарк этип чыга калганы кан ичер канкорлорго көрүмчүдөй көрүнүп, алдастатып таштаган тура.



# Экономика «мусулман эмессиң» дейт

Жапондор колдонулган автоунааларды сатуу бизнесин кантип пакистандыктарга тарттырып жибергенин билесизби? Билбесеңиз угуп алыңыз да, «уккан эмесмин» дебеңиз. Самурайлардын тукуму колдонулган машинени сатарда: «Бул жагында мындай кемчилиги бар. Дароо каратып албасаңыз мындай-мындай кесепеттерге себеп болушу мүмкүн. Кааласаңыз баасын дагы арзандатып берейин», – деп сатышчу экен, капырай! Биздин пакистандык мусулман бир тууганыбыз болсо ошол эле унааны Латвиядан унаа алып келип саткан куду бизге окшоп: «Жапжаңы! Бир жапон чалдыкы экен. Дачасына барып келүү үчүн эле алыптыр», – деп ыйманын жеп урдура баштаган. Анан жапондор «бул бизнесте жакшылык калган жок» дешип, колдонулган автоунааларды сатуу ишинен чыга качышыптыр.

Советтер Союзунун бири-бирине түк ишенбеген, биринин аркасынан бири тоголок арыз жолдогон доорунан чыгып, соодага киргенде бир феномен пайда болгон. Дордойдун бардык контейнерлеринде «Сатылган товар кайра алынбайт!» деп жазылып калган. Ошондон бери соода менен шугулданган Кыргызстанда бул адат кичине чегингенсийт. Албетте, товардык чекти жоготпосоң, кирдетпесең жана жыртып, тытып жибербесең саткан нерсесин кайра тапшырсаң болот. Америка Кошмо Штаттарында болсо баары мусулманча экен. Муну биринчи башка өлкөлөрдөн барган ындыкара жана башка мусулман бир туугандарыбыз байкашыптыр. Дүкөнүнөн бир буюм алып, жарым жыл кийип туруп, бир мандемин таап, (жакшылап чукусаң чыгат да) кайра алып барсаң (куду Ислам дин буюргандай) кайра алышат экен, «келесоолор»! Биздин кыздардан бирөө ушуну жасап көрүптүр. Болот экен! Ал карындашыбыз бир дүкөндөн плащ алып кийип, жарым жыл жыргаганский! Анан кайра алып барып тапшырып салыптыр. Жеңдеринин учу кирдеп калган экен, «Бир уялам десең!» дейт «сезимтал» карындашыбыз. Бирок бир нерсени байкаш керек экен. Кийим алып, кайра тапшырган жериңе кийин бара албайт экенсиң. Эми бул деле маселе эмес да. Дүкөн деген кокодон эмеспи кең АКШда.



Өткөн сандардагы макалабызда капитализмде бардык нерсе чексиз керектөөгө багытталып, ысырапка алып келерине токтолгонбуз. Бирок, кандай болгон күндө да керектөөчү ынсаптуу болгону эп окшойт.

Контейнердеги жогорудагы жазууга келсек, капитализм коммунизмди тууган дай эле, коммунисттик идеология да жапайы капитализмди тууйт тура. Коммунизмден туулган капитализмде адамдар жеке менчик мүлкүн кудайындай көрүп, ага сыйынып, ырыскысын андан сурап, байлыгын көбөйтүү үчүн акыл-эстен, абийирден кетип ит болот. Акыры байлык топтоо амалдары тикелей же тымызын монополияга алып келет. Калк керектеген бир өндүрүмдү толугу менен көзөмөлүнө алып, товарын же кызматын каалаган баасына сата баштайт. Бирок заманбап капиталисттик мамлекеттерде бул чексиз алдым-жуттумдуулукка лобби, монополия жана корпоративдик (жамааттык) маданият тууралуу мыйзамдар аркылуу бөгөт коюлган. Демек, атаандаштык, ачыктык, адилеттүүлүк, мыйзамдуулук сыяктуу принциптерди карманган өндүрүм менен соода экономиканы «мусулмандаштырат» экен. Мындай экономика мусулманчылыгыбыз менен манчыркаган биздин ким экенибизди эске салат. Деги биз кимбиз? Эмесе, муну заманбап экономиканын дүрбүсү менен карай бермекчибиз...

# Эл саламаттыгы үчүн күрөшүүдөн эргүү алам

Жунусбаева Толкун КРнын Президентинин жана Өкмөтүнүн иш башкармасынын клиникалык ооруканасында 20 жылдан ашуун убакыттан бери мээрман айым катары ийгиликтүү иштеп келе жатат. Бейтаптарга мээримин төгүп, талбай кызмат кылган мээрман айым өз кесиби жана ооруканадагы иштер тууралуу маек куруп берди

## Мээрман айым болуу балалык тилегим

Ата-энем дарыгер болгондуктан мен да кичинемден алардын жолун жолдоп дарыгер болууну кыялданчумун. Натыйжада, Нарын шаарынын Чкалов орто мектебин бүтүрөрүм менен медициналык окуу жайга тапшырдым. Бирок окуумду андан ары улап, дарыгер болуунун ордуна мээрман айымдык кызматтарды аркалап калууну чечтим. Себеби, дарыгерлердин жумуштары оор болорун билем. Ошондуктан өзүм да аялзаты болгон соң мед айым бойдон калууну туура көрдүм. Бул кесипте 1986-жылдан бери иштеп келем. 1994-жылы шаарга көчүп келгенибизден кийин Сокулуктагы бейтапкананын травматология бөлүмүндө эмгектенип, 2008-жылдан тарта Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн иш башкармасынын клиникалык ооруканасында иштеп жатам.

## Бул жакта кыргыз интелигенциясы дарыланат

Бейтаптарды болушунча жакшы кабыл алабыз. Кабакты бүркөбөйбүз. "Саламатсызбы? Жакшы жаттыңызбы? Жакшы турдуңузбу?" деп турабыз. Бул жакта жаткандар "мамилеңер такыр башкача" деп ыраазы болушат. Тартип да катуу. Бейтаптар да түшүнүктүү жакшы адамдар. Дарыгерлерибиздин баарынын деңгээли күчтүү. Чоң-чоң оор операцияларды жасашат.

## Бейтапкананы толугу менен мамлекет камсыздайт

Айрым учурларда гана дары-дармек жок болуп калса бейтаптар өздөрү сатып келишет. Бул жакта жогорку категориядагы дарыгерлер, илимдин кандидаттары эмгектенип, Индия, Түркия, Орусия, Кореяга чейин барып окуудан өтүп, тажрыйба алмашып келишет. Биздин дарыгерлер эки жолу боор алмаштыруу операциясын жасап, ийгиликтүү ишке ашырышты. Биринчи операция жакшы, экинчиси андан да жакшы болду. Эми үчүнчүсүн жасоого аракет кылып жатышат. Мындай операцияны мурунку СССР өлкөлөрдөн буга чейин Белоруссия эле жасачу экен. Эми Кыргызстанда да жасала баштады.






## Атактуу адамдарга кызмат кылуу

Ыраматылык Cооронбай Жусуев эки жыл мурда ушул жерден дарыланып кеткен. Ал киши "Карындашым Толкунга" деп кол тамгасын коюп китебин белекке берди. Атактуу Ашыралы Айталиев да бизде дарыланды. Ал киши да атымды сурап, ошол жерден төрт сап ырын арнады. Мээрман айым катары максатым ар бир бейтаптын көңүлүндөгүдөй кызмат кылып, өз ишимди так аткаруу.

## Үйдө кадимкидей кожойкемин

Аялзаты болгондон кийин бүт эле оокаттарды жасайбыз. Короодо мал бар. Мен өзүм тамакты, нанды түрлөп жасоого аябай кызыгам. Бош болгондо балам, келиним, жолдошум жумуштан келгенче деп бир нерсе жасап, салатты түрлөп жасоого аракет кылам. Анан бош убактымда китеп окуганды жакшы көргөндүктөн китепти көп окуйм.

АКМАТОВА РАХАТ,
ЖАНЫШ КЫЗЫ ЗАРИНА



# Нооруз турнири көрөрмандардын черин жазды

Улустун улуу майрамы болгон Нооруз күнү «Аккула" ат майданы күндөгүдөн айырмаланып улуттук оюнга ышкыбоз көрөрмандарга толуп турду. Анткени бул күн не бир өнөрпоздордун өнөрүн көргөзө турган өзгөчө күн

Ошентип ат майданы көрөрманга, өнөрпоздорго жана тартип сакчыларына жык-жыйма толуп, адаттагыдан тыш майрамдык шаңга бөлөнүп турду. Адегенде салбуурун, эр эңиш, ат чабыш менен башталган турнир аягы көк бөрү менен жыйынтыкталды.

## Салбуурун

*Ит агытып, куш салып,*
*Салбуурундап жер чалып,*
*Бабалардан калган иш.* (Манастан)

Нооруз турнири адегенде байыркыдан мурас калган Салбуурун менен башталды. Салбуурунда өнөр баккан кыргыз уул-кыздары көрүүчүлөргө тайган жарыштыруу, жаа атуу, мүнүшкөрлүк боюнча өз өнөрлөрүн тартуулашты. Кызыктарга бай болгон Салбуурун төмөндөгүдөй жыйынтыктар менен аяктады:

**Ителгилерди далбага ойнотуу**

3-орун Ысык Көл району, Токтобек Айбашев;

2-орун Токмок шаары, Мирлан Камилов;

1-орун Ысык-Көл району, Түгөлбай Абдыкадыров.

**Жаа атуу боюнча**

3-орун Азамат Акунов;

2-орун Самат Сүйөркулов;

1-орун Кубан Тоготоев.

**Тайган жарыш**

3-орун Учар – ээси: Батыр Токтогулов;

2-орун Кумайык – ээси: Мурат Өмүралиев;

1-орун Төө куш – ээси: Абидин Бердигулов.

**Кыз-келиндер арасында жаа атуу боюнча**

5-орун Седеп Төрөгелдиева;

4-орун Жаңыл Адекова;

3-орун Гүлмира Аянова;

2-орун Асел Баатырова;

1-орун Саадат Бейшеева.

## Эр эңиш

*Эрдик кылып эр намысын өтөгүн,*
*Эсиңе алгын эзге басып кетерин.*
*Күчү кетип куларына аз калды,*
*Имере тарт, оодаруучу кезегиң.*

Эр эңиште төгөрөктүн төрт бурчунан келген чыгаан балбандар күч сынашышып, мелдеш төмөндөгүдөй жыйынтыктарды берди.

**70 килограммдык салмак боюнча:**

3-орун Бактыбек уулу Адилет (Талас);

2-орун Жекшен Турдубеков (Нарын);

1-орун Бузурманкул уулу Каныбек (Чүй).

**90 килограммга чейинки салмак боюнча:**

3-орун Токтоналы уулу Жекшенбек (Нарын);

2-орун Замирбек уулу Азат (Жалал-Абад);

1-орун Марат Кулуев (Ош облусу).

**Эң оор салмак боюнча күч сынашкан балбандар:**

3-орун Нуркан Мамбеткариев (Талас);

2-орун Аскен уулу Алтынбек (Нарын);

1-орун Күмүшбек Кыдыралиев (Талас).

## Ат чабыш

*Болсо эгер аты жарадар,*
*Боюна сыйбайт санаалар.*
*Болжолу жылкы кыргыздын,*
*Боор эти менен барабар.*

Жылкынын асылдарын сынаган ат чабышта күлүктөр төмөндөгүдөй жыйынтык көргөзүштү.

**Жакын аралыкка чабуу** (аралыгы 2400 метр, байге фонду 55 миң сом, жалпы 9 күлүк чуркады)

1-орун Тоотору (Чүй облусу, Сокулук району). Байгеси-30 миң сом, ээси- Турсуналы Мамбетаитов, саяпкери – Керим Өмүралиев.

2-орун Винни Дес Мотес (Талас облусу). Байгеси -15 миң сом, ээси – Дастанбек Смаилов, саяпкери – Дастанбек Смаилов.

3-орун Анжу (Жалал-Абад облусу). Байгеси – 10 миң сом, ээси – Орозбай уулу Сабыр, саяпкери – Орозбай уулу Сабыр.

**Кунан чабыш** (аралыгы 8800 метр, байге фонду 110 миң сом, баардыгы 29 кунан чабылды)

1-орун Космос (Беш Күңгөй айылы). Байгеси 55 миң сом, ээси – Талгарбек Шейшеев, саяпкери – Жанат Базаркулов.

2-орун Шарапат, (Ысык-Көл облусу, Түп району). Байгеси 25 миң сом, ээси – Руслан Мураев, саяпкери – Саид.

3-орун Сухарь (Аламүдүн району, Арчалы айылы). Байгеси 15 миң сом, ээси – Айдар Үтүров, саяпкери – Дүрбөлөң уулу Эдил.

4-орун Сухарь (Сарбак), (Ысык-Көл облусу). Байгеси 10 миң сом, ээси – Эдил Касенов, саяпкери – Бакыт Осмонбеков.

5-орун Надежда, (Чүй облусу, Сарбан айылы). Байгеси 5 миң сом, ээси да, саяпкери да – Алтынбек уулу Абай.

**Кунан жорго** (аралыгы 9000 метр, байге фонду 35 миң сом), жалпы 7 баш жорго салынды

1-орун Герда Лок (Чүй облусу, Ысык-Ата району). Байгеси-20 миң сом, ээси – Тахир Тохтиев, саяпкери – Николай Мохнин.

2-орун Палигон (Ысык-Көл облусу,– Бостери айылы). Байгеси–10 миң сом, ээси – Руслан Бейшенов, саяпкери – Мыктыбек Токтосунов.

3-орун Затвор (Ивановка). Байгеси–5 миң сом, ээси – Рахат Юсупов, саяпкери – Максим Кравченко.

**Топ байге** (аралыгы 13200 метр, байге фонду 80 миң сом), баардыгы 14 күлүк чабылды

1-орун Гүлкайыр (Сокулук району, Күн-Туу айылы). Байгеси–50 миң сом, ээси – Совет Сыдыков, саяпкери – Совет Сатыбалдиев.

2-орун Кол кара (Ысык-Көл облусу, Чолпон-Ата шаары). Байгеси–20 миң сом, ээси – "Асанбек ата" жылкы заводу, саяпкери – Жеңиш Батыркулов.

3-орун Боец (Ысык-Көл облусу). Байгеси–10 миң сом, ээси – Эдил Касенов, саяпкери – Бакыт Осмонбеков.

**Жорго салыш** (аралыгы 9 чакырым, байге фонду 175 миң сом), жалпы 26 жорго салдырылды

1-орун Вулкан (Чүй облусу, Ысык-Ата району). Байгеси 100 миң сом, ээси – Султан Маткеримов, саяпкери – Мыктыбек Токтосунов.

2-орун Барон (Ысык-Көл облусу, Тоң району). Байгеси 40 миң сом, ээси – "Элдияр" жылкы заводу, саяпкери – Жаныш Аламанов.

3-орун Бонопарт (Ысык-Көл облусу, Чырпыкты айылы). Байгеси 20 миң сом, ээси – Канат Дөлөтпаков, саяпкери – Жаныш Аламанов.

4-орун Алдебаран ( Чүй облусу, Москва району). Байгеси 10 миң сом, ээси – Владимир Олейников, саяпкери – Бакыт Шерматов.

5-орун Белес (Ысык-Көл облусу, Чолпон-Ата шаары. Байгеси 5 миң сом, ээси да, саяпкери да – Айжал Курмангазиев.

**Ат чабыш** (аралыгы 18 чакырым, байге фонду мерседес автоунаасы+125 миң сом), баардыгы 24 күлүк чабылды

1-орун Экспарцет (Казакстан). Байгеси Мерседес автоунаасы, ээси – Орбек Хорсан, саяпкери – Бактияр.

2-орун Бактору (Ысык-Көл облусу, Чолпон-Ата шаары). Байгеси 70 миң сом, ээси "Асанбек-Ата" жылкы заводу, саяпкери – Жеңиш Батыркулов.

3-орун Лепесток (Сокулук району, Бөрүлү айылы). Байгеси 30 миң сом, ээси – Ильгиз Идрисов, саяпкери – Мирлан Ахматов.

4-орун Кажырты (Нарын облусу, Ат-Башы району). Байгеси 15 миң сом, ээси – Турсуналы Мамбетаитов, саяпкери – Керим Өмүралиев.

5-орун Долинка (Сокулук району, Белек айылы). Байгеси 10 миң сом, ээси да, саяпкери да – Жанат Базаркулов.

РАХАТ АКМАТОВА

# Өз органын мураска калтырса болобу?

**1) Кайнене келинин урганга шариатта укугу барбы?**

**Жооп:** Келинди урууга эч кимдин укугу жок. Кайненеси да, кайнатасы да, кайынсиңдилери да урууга акысы жок. Шариатта бул урууну арам деп тааныйбыз. Мына ошол жөн жерден сабалган келиндин дубасы кабыл болуп, урган адамдарга каргышы дароо тиет. Келин тил албаса эле урган туура эмес. Кээ бир адамдар келиндерди жалдап алган кызматчысындай, же сатып алган кулак кести кулундай көрүшөт. Ал да адам баласы. Ким келинине күн көрсөтпөсө, анын кызына да барган жеринде ошондой мамиле болот. Кудай мына ушундай адепсиз, адамгерчиликсиз пенделерден сактасын.

**2) Эжемдин турмуш курганына 1 жыл болуп калды. Боюнда бар. Бирок жездем башка бир кыз менен жүрөт экен. Эжем ажырашам дейт. Кеңеш берип коюңуз, устаз?**

*Ош, Айзада*

**Жооп:** Жаман эркек жер коруйт, жаман аял эр коруйт болбосун! Чапкан сууда так калбайт. Ажырашканды ойлобосун! Ажырашууну кээ бир адамдар байпак алмаштыргандай эле көрөт. Кыз боозуса энесин коркутат дегендей эле кеп болуп калыптыр. Ажырашам дегендин ордуна, акылы болсо, күйөөсүнүн көңүлүн өзүнө буруура аракет кылганы ийги. Кээ бир аялдар кыз кезинде өздөрүн жакшы карайт да, күйөөгө тийгенден кийин өздөрүн таштап коёт. Ошондуктан да элибизде "Кыз кезинде баары жакшы, жаман аял кайдан чыгат?" деген кеп айтылып келет.

**3) Жоолук оронгон аял "сулуулук салонун" ачса болобу?**

**Жооп:** Болот. Эмне үчүн болбосун? Шариат тыюу салган нерселерди аткаруудан качып, уруксат берген нерселер менен иштегенге болот.

**4) Аялынан кабар да албайт, келбейт дагы. Өзү көп жылдан бери Москвада иштейт. Аял эмне кылуусу керек?**

**Жооп:** Жашабай турган болсо, жообун алып маңдайына жазганын көрсүн. Эр менен эркектин уругу ошого токтоп калбаса керек...

**5) Боюмдагы баланын майып төрөлүп калуу коркунучу бар. Ушундай учурда баланы алдырса болобу?**

**Жооп:** Жообун жалпыга жарыялабай турган суроо экен. Гезиттен телефонумду алып чалсаңыз, жооп берейин.

**6) Бала киринткен сууну эл баскан көчөгө төксө эмне болот?**

**Жооп:** Көп чачса баткак болот. Азыраак чачса жайдын күнү жер чаңыбай сергек болот. Кыштын күнү чачса тайгак болуп, тайталаңдап араң баскан абышка тайып жыгылса буту сынып аксак болот. Самын кошулуп жуулган болсо, көчөнүн баарын сасытып, каргыш алып келгенге себеп болот. Андан башка эч нерсе болбойт. Болгону ушул нерселер эле болот.

**7) Аял төрөгөндөн кийин баардык күнөөсү жуулат деген чыныбы?**

**Жооп:** Бул суроого бир аз кененирээк жооп берүүгө туура келет:

Имам Табарааний "аль Авсатта" риваят кылган хадисте мындай айтылат: "(Оо аялдар!) Өз күйөөсүнөн боюнда болуп, күйөөсү андан ыраазы болсо, ал аял Алла Таала жолунда түнү менен намаз окуп, күнү менен орозо кармаган адамдын сообундай сооп-ко ээ болгонуна ыраазы болбойсуңарбы?

Ошол аял (төрөт учурунда) бир толгоо тартканда асмандагылар менен жердегилер биле албай турган, көз кубанта турган соопко ээ болот!

Ошол аял төрөгөн соң, ар бир тамчы сүтүнө, (перзентинин) ар бир соргонуна сооп жазылып турат!

Эгер ошол аял түнү менен перзентин карап уктабай таң атырса, Кудай жолунда жетимиш кулду азаттыкка чыгаргандай соопко ээ болот!

Силер билесиңерби, мындай сооп-торго кандай аялдар татыктуу болушат? Алар күйөөлөрүнө баш ийип, такыбалыкты карманган саалиха, күйөөлөрүн "мени эч жыргатпадың!" деп жакшылыктарын билбей койбогон пакиза аялдар!".

Имам Ибнул Жаузий бул хадисти "Мавдууьаат" китебинде риваят кылып, Абу Хаатем Ибну Хиббандан бул хадистин мавдууь (жасалган, жалган) хадис экендигин айткан сөзүн келтирген.

Башка бир хадисте төрөттөн өлгөн аялдын сообу шейиттердей болору тастыкталган. Имам Ахмад, Абу Дауд, Насааий жана Ибну Маажа риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз алайхис салам: "Кудай жолунда курман болгондордон башка да жети түрдүү шахиддер (шейиттер) болот" деп айтып келип, жетинчисинде "курсагындагы баласы чоңоюп калган учурда өлгөн аял да шейит" деп белгилеген.

Кээ бир аалымдар "хасан" даражасын ыйгарган, Ьабд бин Хумейддин муснадында, Ибну Аби Дуняанын "Китаабул ьияаал" деген китебинде, Ибнул Жаузийдин "Ахкаамун нисаа" китебинде риваят кылынып, Ибну Умардан азирети Пайгамбарыбызга "марфууь" болгон хадисте Пайгамбарыбыз алайхис салам мындай дейт: "Аялзаты боюна көтөрүп, төрөп, эмчектен чыгарганга чейин Кудай жолунда шейит болуп, өз канына жуурулушкан адамдын сообундай соопко ээ болот! Эгер ушул аралыкта акыретке сапар тарта турган болсо (өлсө), ал аялга шейиттин сообу берилет!".

Бул хадистин маанисинен, төрөгөн, баласын эмизген жана баккан аялга берилген соопту, төрөттөн каза болгон аялга берилген соопту, бул түрдөгү аялдардын кичине күнөөлөрүнүн кечирилүүсүнө себеп боло турганын түшүнө алабыз.

Жыйынтык сөз: Төрөгөн аялдын кичине күнөөлөрү төрөттөгү кыйынчылыгы менен кечирилет, ал эми чоң күнөөлөрүнө атайын тообо кылуу шарт.

**8) 8 айлык кызым эмгенде көкүрөгүмдү тиштеп, жара кылып салды. Жара болгондуктан өзү дагы эмбейт. Эми биротоло эмизбей койсом күнөө эмеспи?**

**Жооп:** Балага теңелип бала болчу беле? Эмиз.

**9) Бир кыз менен "экөөбүз келечекте бир болобуз" деп сөз беришкен элек. Бирок убакыттын өтүшү менен экөөбүз эки башка жолго түштүк. Динден кабары бар бир досум "эгер сөз беришкен болсоңор, үйлөнүү силерге важип болуп калды" деген. Важип деген эмне жана биз сөзсүз үйлөнүшүбүз керекпи?**

**Жооп:** Жок, андай деле эмес. Экөөңөрдүн ортоңордо ошондо олчойгон шайтан олтурган окшойт ко. Ваажып милдеттүү деген мааниде колдонулат.

**10) Кытай тили тозоку тил деген туурабы?**

**Жооп:** Андай маалыматты билбейт экенмин. Тилдин баарын Кудай Таалам жараткан. Тилде айып жок.

**11) Кайыр сураган мусулман эмес кемпирлерге акча бергенибиз туурабы?**

**Жооп:** Ниетиңе жараша сооп бериле берет.

**12) Зобум бар эле. Жоолукту артыма салынсам болобу? Намаз окуганда алдыма салынам.**

**Жооп:** Аялзатынын мойну чоочун эркектерге көрүнбөш керек. Кененирээк кылып салынып көр.

**13) Аракты дарылыкка колдонсо болобу?**

**Жооп:** Башка дары калбай калганда, намаз окуган мусулман дарыгер айтса бир жөн. Намаз окубаган доктур айтса болбойт. Анткени анын арам-адал менен иши жок. Дароо эле ошону айта берүүсү мүмкүн.

**14) Сиздин жообуңуз менин тагдырымды чечет, устаз! Мен учурда абдан чоң күнөөлөрдү жасап жатам, аны токтотуу такыр мүмкүн болбой жатат. Ата-энемди уят кылып коёмбу деп корком. Апамды ушунчалык жакшы көрөм. Өлүп калгым келет, бирок апамды кыялбаймын. Өлдүгө чыгып жер кезип, алыстарга кетип калсамбы?! Кеңешиңизге муктажмын устаз!**

**Жооп:** Садагасы, өлбөй коё турчу, өлдүгө да чыкпай коё тур! Сен мени менен байланыш. Гезиттен телефонумду ал....

**15) Апам, эжем, карындашым бар. Апам ооркчан, эжем 30га чыкса да турмушка чыкпай жүрөт. Карындашым 16да, анык көпкөн маалы. Атам көп эле жерге окутту, бирок атам каза болгондон кийин үй-бүлөнү багыш керек болуп, азыр Москвага келдим. Акыркы күндөрү көп көчөгө чыгып, ичип, чегип калдым. Орозодо таштайын деген ниетим бар. Намазымды да баштап жатам. Эжем апам менен карындашыма катуу айтып жатыптыр. 30га чыкканча күйөөгө тийбей, орой болуп калды. Эжемден көңүлүм калды. Эми карындашымдан да көңүлүм калып баратат. Кеңешиңизди бериңиз?** (Суроону устаз толугу менен окуду. Бул жакка кыскартылып берилди)

*Москва, Эсентур.*

**Жооп:** Садагасы, бир тууганым! Сенин суроонду окуп олтуруп менин көз алдыма далай тарых келди. Сен сыяктуу асыл жигиттер элибизде бар экенин эстеп көңүлүм ордуна түштү. Кудай Таалам сени апаңа, эжеңе жана карындашыңа валий (кожоюн, кароочу, жоопкер) кылып койду. Үйдөгү жападан-жалгыз эркектана катарында сенин милдетиң зор. Балким, Кудай Таалам ушул үч алсыз аялзатты жакшы карап, аларды бактылуу кыла алсаң, сага жалпы кыргыз элинин тагдырын тапшыраар! Балким сен асмандан күтсөк жерден чыккан, күндүзү күтсөк түндөсү чолпон жылдыздай жаркыраган, бактыбызга жаралган улуттук лидер, эл баккан азамат, дин баккан такыба, сөз баккан куйма кулак болуп жүрбө! Андыктан, бир боорум, иним, кандашым, диндешим эч мүңкүрөбө! Сага капаланганга болбойт! Чөккөнгө да болбойт. Бук болгон учурда намазда Кудай Таалама мунаажат кылсаң, ошол жерден Аллахтын өзүнө арманыңды айтсаң жеңилдеп каласың. Эптеп эжеңди эрге берүүгө, тентек карындашыңды тарбиялап, адепке көндүрүүгө аракеттен. Жакшы иште, намазды калтырба! Жакшыларга жанаш, жамандардан адаш. Келечекке үмүт арт, үмүтсүз шайтан. Шайтанга алдырба, жем болбо! Бишкекке келгениңде жолук, чай ичкенче баарлашабыз! Өткөн кеткенди эстеп, досторчо чогуу олтурабыз! Атам өттү деп капаланба. Мени атаңдай кеңеш берчү, агаңдай сырдашчу, досуңдай баарлашчу адам катары көр! Ошент, Эсентур! Жолугушканга чейин эсен тур!



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**16) Жолдошум урушканда "кет" деп көп айтат. Уга берип көнүмүш адатка айланып калыптыр. Никебиз бузулбайбы?**

**Жооп:** Ниетинде талак берүү жок болсо нике бузулбайт. Эгер ажырашуу ниети болсо бир талак "боин" түшкөн болот. Жаңыдан нике кыйдырууга милдеттүү.

**17) Мен мүнөзүмдү кантип оңдосом болот? Аябай кополмун, апама да катуу сүйлөп алам.**

**Жооп:** Дуба кыл! Дааватка чык. Абдишукур ажынын маселелерин көп уксаң, ордуна келесиң.

**18) Атамдан аяш баласы 15 жыл мурда 30 000 сом алган экен. Карызын бул дүйнөдө да, акыретте да кечпесем өзүм күнөөкөр болуп каламбы деп жатат?**

**Жооп:** Күнөөкөр деле болбойсуң. Бирок, колуңдан келсе кечип жиберсең жакшы болот.

**19) Бир досум 10 жыл мурун бөйрөгүн алдырган. Үйлөнөрдө кызга ошол нерсени айтуу шартпы? Айтса кыздар тийбей коёт экен. Өзү кучтүү, тың жигит.**

**Жооп:** Айтканы туура болот. Акылы бар кыз деле айлантып карап көрөт да. Кызга бергис жубан бар, атка бергис кунан бар дегендей, кош бөйрөктүүгө бергис жалгыз бөйрөктүү бар дегенди билген эстүү кыз кош көңүл болбос.


**20) Адам тирүүсүндө "мен өлсөм колдонгула" деп органдарын муктаж адамдарга мурас катары, же бир пайдалуу болсун деп таштаса болобу? (Мисалы: өпкө, боор, жүрөк)**

**Жооп:** Болот. Бирок сатканы туура эмес. Арам болот.

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Госкарымдын эле өзү, садагаң кетейин...

*Урушсак да АШ жакшы,*
*Сыйлашсак да АШ жакшы.*
*Кеп жетпеген жандарга,*
*Камчы менен Таш жакшы.*
*(Кумурзстан дастандарынан)*



Кумурзстанда жашоо ойдогудай. Баары тең өз жолунда кетип баратат. Хайлалоо деле мурдагыдай эле өз жолунда. Ал тургай андан да өнүккөн. Мисалы, азыр хайлалоого барган кумурска кимге таш салганын ачык эле айтып мактанса болот. Бул кумурсканын өз укугу. Мындайга керек болсо тиги Амиркуяда да жетишкен эмес.

- Мына мен Сотсуял Дөөбратка таш бердим. Карагыла, мына! – деп мактанышат кумурзстандыктар.

- Баракелде! Азаматсың! Мына сенин сыйлыгың, - деп чөнтөгүнө 500дүк, 1000дик капусталарды салышат карап тургандар. Мындайга мурун Гокайдын да, Бакстын да мээси жеткен эмес. Бечара Гокай ичи күйүп туз жалап аткандыр. Бакс болсо бөйрөгүн дагы таппай калды го. Анан кантет эле?! Бул алар жетпеген ийгилик. Шашага баракелде!

Булардын аксакалдары да мурункудай эле. Мисалы илгери Госкардын убагынан бери, же балким жумурткадан чыккандан бери эле аксакал болуп жүргөн Дас Саргул деген бирөө бар. Бардык аксакалдардын аксакалы ушул. Бул кумурска деле ошол эле бойдон экен. Тинттер байкап көрүшүптүр. Башка аксакалдар «төрүмөн көрүм жакын» десе, бул мыктылыгын көргөзүп «төрүмөн көрүм алтын» дегенди ураан кылып алган. Жүргөнүн көрсөң зындандан чыккан бордой. Орсиче сүйлөп, «анын аптарыйкаты, мунун аптарыйкаты» деп салмактап, «ал гит, бул бит» деп таразалап, кыйын деле. Кийгени небереси кийбеген көк гепка. Илгеркисиндей эле дымак күчтүү. Өзү сойгон жөргөмүштүн жилигин таратып отургансып, дос-посторун чогултуп алып Кумурзстанды устукандап атат, кайран. Мурунку заманын сагынса керек. Айрыкча Шашаны көргөндө «Госкарымдын эле өзү, садагаң кетейин» деп көзүнөн жаш кылгырып кетет дешет көргөндөр.

Берки манекбаштар деле, данекбаштар деле, данекбаш, манекбаш эместер деле ошо мурункудай. Баары эле өз жолунда. Битказар жүрөт чуу салып. Ал жүргөн жер алыстан эле байкалат дешет. Кайсы жерде Гакун шакылыктап айланып жүрсө, ошо тушта Битказар бирдеме тытмалап аткан болот.

Комча деле ошол. Баягы илгери тинттер мурунга балта менен урчуда, мурдунан бир тамчы кан аккан эмес. Азыр деле мурдун балта кесчүдөй түрү жок мунун. Негизи эле бул Кумурзстанда данекбаштарынын деле, манекбаштарынын деле мурундары бышык. Балта кесмек тургай, из да калтыра албайт. Беттер болсо беш эли. Баягыда сертуялыктар тишине чейин курчутуп алып Кумурзстандын чийининен бери өтүп жатып алышпайбы. Ошондо булар алыстан эле бетин көргөзүп коюшту. Барып да коюшкан жок. Мына бет деген болсо ушундай болсун!

Мындан чыдабаган эле Темр Сар болсо керек. Кагаз-магазынан бери даярдап жибериптир. Кийин кумурзстандыктар билип калып: «Ой бул эмне болгон кагаз» дешип карашпайбы. «Серттерге берели» деген жазуулар көрүнүп калыптыр. Темр чычалап, көпкө чейин жаман болду. Кийин «эми жөн эле салып алгам. Не бар не жок, ыштан булганып кетеби деп..» деди бечара. Же чын эле ошентти бекен? Балким серттерден коркуп кетип, ыштаным булганса деп салып алды бекен? Анда тиги «серттерге берели» деген жазууну кайдан жазып жүрөт? Мына табышмак. Шорлок Холмус жок да Кумурзстанда. Ал болгондо же булганган ыштанын көрөт элек, же жазган кагазын көрөт элек. Ай-ай-ай...

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ
**(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)**

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

Ал бул сөзү менен Мастан кемпирди да чымчып өттү. Себеби, так ушул мастандын тыюу салынган сыйкырды колдонуп жибергенинен улам ушул жерге чогулуп отурушпайбы.

Булар ушунтип кобуранып атканда сырткы эшик ачылып, жалтыр-жултурга бөлөнгөн кыз кирип келди. Бирок, анын киргенинен да чыкканы бат болду.

– Өф-ий. Мынча сасыган жерге эмне тыгылып алгансыңар? Жок, жок, мен сыртта эле болом.

Ал ушинтти да артынан кирип келаткан кызды нары түртө салып тышка чыгып кетти.

– Иий, ушунуку өттү да чиркин! Бу жин-перилер качан эле жыттуу жерде жашашчу эле. Сулуусунат да турат. Атасы Арбагайга ант берип койгом да, болбосо бул эркени кырк кызы менен эчак тартипке салмакмын, –деп ызалана кетти Мастан кемпир.

– Жөн кой Мастаке. Бул али жаш кыз да. Кечээ 13-кылымда эле төрөлбөдүбү. Дагы көп бар ага акыл-эс киргиче. Менин таң калганым башка. Бу жиндердин султаны Арбагай көз жумгандан бери, аялы Сумрат да көрүнбөй калды, – деп кепке кошулду бака майрык.

– А сен аны билбейсиңби? Ал күйөөсү өлгөндөн кийин антты бузган кара жиндерге кошулуп кеткен. Жанагы көзү ачык, бүбү-бакшы дегендер менен табакташ болуп калган дешет.

– Ошондой бекен? Кап! Анда ак жиндер аны кармаса сазайын берет дебейсиңби.

– Албетте! Арбагай падыша жакшы жин болчу. Элин да түз жолдо кармачу, өзү да түз жүрчү. Бирок, катыны минтип бузулуп кетет деп ким ойлоптур. Эми ал кармалса сөзсүз Арбагайдын мыйзамы боюнча жазаланат.

– Ээх-х. Жаман болуш бир паста деген ушул тура. Баса, тиги кызы деле ошол энесин тартабы дейм.

– Айтпа. Бу какмардын да жүрүшү бузук. Барган сайын кутуруп баратат дешет. Ай ким билет деги?

Мастан бир саам өзүнүн маселесин унуткансып шыпшынып отуруп калды. Сыртта болсо кыздардын шыңкылдап күлгөнү барган сайын күчөй баштады.

– Бул шарактаган жин-перилер эми Жез тумшук Сулуу келмейин тыйылбайт. Адамдар угуп койот деп да ойлонбойт тура булар, – деп кыжынды Мастан.

– Чыда, чыда. Мына сулууңдун келээрине да аз калды.

Бала ушунун баарын эшиктин тешигинен шыкаалап карап отурду. Шарактаган жиндер келгенден кийин дагы канчалаган шумдуктар болду. Кемпирдин каалгасына бети араң баткан дөөнүн кичине баласы келди. Майрык баатырдын ак куусуна көзүн артып, сукулдаган кыпкызыл түлкү келди. Оңду-солду кажынып сүйлөп ыркыраган карышкыр келди. Күшүлдөй басып ынтыгып аюу келди. Жалтырата майланган, жапжаңы өтүк кийип мышык келди. Бала аны көрүп аз жерден кыйкырып чыгып, жардам сурап жибере жаздады. Себеби ал «өтүкчөн мышык» тууралуу көп эле мультфильм көргөн. Алардын баарында бул мышык тим эле ашынган баатыр, ченде жок айкөл эмеспи. Ошого тим эле жакын тууганын көргөндөй сүйүнүп кетти. Бирок, анын жанында ыркырап турган карышкырдан коркуп үн чыгара алган жок. Ошо унчукпаганы деле жакшы болуптур. Себеби, бул жакшы деп ойлогон өтүкчөн мышык өтө ачуулуу неме окшойт. Айрыкча аны «өтүкчөн мышык» десе ого бетер ачууланат тура. Бала муну куу түлкүнүн кебинен байкады.

– Ох-оо, өтүкчөн мышык кел, төргө өт, – деп шылдыңга алды эле тигил,

– Мен өтүкчөн мышык эмесмин. Мен деген Чокчолой баатырымын! – деп айкырыкты салып, түлкүнү кууп калса болобу. Шумдугуң кур, ошондо анын баатырдыгы чындап белгилүү болду. Жанатан кыйын болуп аткан карышкыр, түлкү, аюу дегендин баары дыркырап качып берди го чиркин. Дагы жакшы, биздин мастан кемпир ажыратып калды. Болбосо бүт баарын кууп жоготмок окшойт бу Чоке. Мастан кемпир аны эптеп алдап-соолап жоошутуп, качанкы териден жасалган талпагын берип жылуу отургузганда гана калгандары тынчыды.

Мына так ушуну гана күтүп тургансып кепенин эшиги кулактын кужурун ала кычырай ачылып келип ичкери эки бүктөлгөн кемпир кимгедир ааразы болгондой өзүнчө кобуранып-собуранып кирип келди. Ал этек жеңи шалбыраган кара чапан кийип, бир колу менен бир дагы түз жери жок ийреңдеген купкуу таяк кармап алыптыр. Бир колу болсо жеңин кымыра кармап келип бетин жаап алган экен. Ал киргенде баары тең нестейе тартып, тымтырс болуп отуруп калышты. Ал тургай караңгы бөлмөдө жашынып отурган баланын да үрөйү учуп кетти. Анын көз алдына баягы китептерден окуган жез тумшук тууралуу коркунучтуу жомок дароо элестеди. Мергенчи очок боюнда от жагып отурса так эле ушундай бир колу менен жеңин кымтыган кемпир келип от жээгинен орун алат эмеспи. Ошондо мергенчи атып алган кийигинен бир кесим эт ыргытса тигил шып этип илип алып караңгы түнгө сиңип кетет деп айтылат. Жүзүн жапкан колу бир саам ачыла түшкөндө анын жезтумшук экенин байкаган мергенчи, түнү менен аңдып жатып жезтумшукту өлтүрүптүр деп жазылган болчу ал китепте. Бирок, бул ошол жомоктогу жез тумшук болсо, анда жомокто туура эмес жазылып калганбы?..

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ





# Президенттик мектептин ийгиликтери

Окуучунун ийгилиги мектеби жана мугалимдери үчүн абдан чоң жетишкендик. Муну албетте мугалимдин, тарбиячынын эмгегинин натыйжасы десек да болот. Тарых жана маданият жылы Бишкек шаарындагы №71 мектеп-интернаты үчүн жемиштүү жылдардан болууда. Мамлекет башчыбыз А. Атамбаевдин демилгеси менен ачылган мектеп-интернатына алгач кабыл алынган окуучулардын бири, 5-"а" класстын окуучусу Сарбанова Аяна, алыскы Молдовада өткөн "Тил жана маданият" фестивалына катышып ийгиликтүү кайтты. Салтка айлангандай "Тил жана маданият" фестивалы алгач Кыргызстандагы Себат билим берүү мектеп окуучуларынын арасында өткөрүлөт. Окуучулар бул фестивалга бий, ыр, көркөм окуу ж.б. өнөрлөр менен катышып, жеңүүчүлөр чет өлкөлөргө жолдомо алышат.

Аталган мектептин окуучусу өзгөчө үнү менен эң жакшы ырдаганы үчүн биринчи орунду алган. Кыргызстандын атынан барып, желегин желбиретип келген Аяна төмөнкүлөрдү айтып берди: "Мен үчүн бул фестивалга катышуу чоң бакыт болду. Канчалык таланттуу болгонум менен, колдоо болбосо эч жакка бара алмак эмесмин. Бул жагынан интернаттагы мугалимдерим жардам берип, Бишкек шаарындагы "Айчүрөк" кыздар лицейинде болуп жаткан фестивалга бардым. Сахнага чыгып ырдай баштаганымда эле көрүүчүлөрдүн көңүлү бурулуп, колдоп башташты. Калыстардын чечими менен биринчи орунду багындырып алдым. Мен ал күндү эч унутулгус көз ирмемдерим деп айта алам. Ал эми Молдовага 21-мартта кетип, 28-мартта кайтып келдик. Алгач ал жактагы адамдардын мамилесинен баштасам. Аэропорттон түшкөндө эле, жылмаюу менен тосуп алышты. "Жардам бере калсам» деп гана турган кичипейил адамдарды көрүп абдан суктандым. Башка мамлекеттен келген катышуучулар дагы абдан маданияттуу, билимдүү жаштар экен. Алар менен да достоштук. Бизди Молдова мамлекетинин бийлик өкүлдөрү үйлөрүнө конокко чакырды. Көп жерди көрсөң, көп нерсени түшүнө баштайт экенсиң. Ал эми өз мекениме кайтып келгенимде, мектеп-интернаттын жатаканасында жаткан жакын досторум, класс жетекчим мени аэропорттон тосуп алды", – деп кубанычы менен тең бөлүштү.






Аянаны классташтары жылуу тосуп алышты


## Ислам принциптери менен каржылоо боюнча маалымат алгыңыз келеби?



«Исламий чакан каржылоону шыктандыруу» долбоорунун **акысыз** семинарларына катышыңыз!

**Тел.: 0707 08 84 43, 0312 88 09 63**

Бул долбоор Ислам каржы ассоциациясы менен биргеликте ишке ашууда


## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР


Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. Дүң жана чекене баада. ЖЧК "Темир-Про" 0 703 25 50 44. Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

Тез арада 3 бөлмөлүү батир сатабыз! Аянты 102 чарчы м. Баасы болгону 39 000$ (1 ч.м. = 382$). Базарда мындай баа жок. 0709 799 232

+1С бухучет, секретарь-референт боюнча окууга алабыз. Бөлүп бөлүп төлөсө болот. 0700 200672

Даяр үйлөр. Келишим сом менен. Төлөм 20 айга чейин. Баасы чарчы м.ге 52.000 сом. 0312 896-992, 0 777 390-681

Бишкектен бөлүп төлөө шарты менен 2 бөлмө батир сатып алам. 20 миң доллары нак, калганын келишим боюнча. 0773 05 57 00, 0703 15 08 15

Кожойкелер үчүн миң түрдүү сүлгүлөр: махер, вафель, бет сүртүүчү ж.б. Баасы 200 сомдон башталат (вафел) жана 300 сомдон өйдө (махер) борбордо жеткирүү баасы менен. Борбордон сырткары жеткирүүгө 50-100 сом кошулат. 0 (559) 420 467

Шагыл, кум, таш, топурак ж.б. ташуучу Камаз кызматы. Байланыш телефону 0 707 89 04 34

**Кийизден жасалган кийимдерди – саркеч чыптама, белдемчилерди буйүртма менен тигебиз 0 708 10 71 44, 0777 78 35 84**

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**
**Байланыш телефону: 0 (703) 73 82 31**

Улуттук авточехолдор! Бардык түрдөгү жеңил унааларга! Болгону 4500 сом! Whatsapp 0773477055

Сантехникага тиешелүү бардык иштерди жасайбыз. 0 700 84 83 63, 0550 84 83 63

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди **«Саресеп» гезитине практикага чакырабыз.** Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот. Тел.: 0 703 73 82 31

ЭВАКУАТОР БИШКЕК. 0772 13 62 33, 0700 71 61 44, 0553 80 22 02. 24 СААТ

**Портер такси. 0700 06 80 11, 0709 19 38 38**

Жарыя жарыя, шашылыш түрдө Токмок шаарынан 2 бөлмөлүү батир сатылат. Баасы 15000 доллар. Байланыш телефону 0 772 185786

Евроремонт жасайбыз. Кафель чаптайбыз, туш кагаз жабыштырабыз, шпатлевка, ички жасалганын бардык түрлөрүн жасайбыз. 0 708 27 15 15

Мазда 626 үлгүсүндөгү автоунаа сатылат. Жылы 1988, кыймылдаткычтын көлөмү 2,0 куб. Баасы келишим түрдө. Телефон: 0702 97 95 57

**Балдар үчүн жаңы жомоктор! Түстүү сүрөттөр менен коштолгон. Бишкек шаарынын жер асты өткөөлдөрүнөн (Филармония, ЦУМ тараптагы), Нуска дүкөнүнөн жана "Дилазык" китеп дүкөнүнөн алсаңар болот!**

